Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKINTOO.KG Шейшемби, 2021-жылдын 30-ноябры №145 (3324)

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын мүчөсү Узарбек ЖЫЛКЫБАЕВ:

“ТЕХНИКАЛЫК МҮЧҮЛҮШТҮК БАРДЫК ИШКЕ КӨӨ ЖАПКАНДАЙ БОЛДУ”

3-БЕТТЕ

Сергей ЛЕБЕДЕВ:

“ОЛУТТУУ ДООМАТТАРДЫ КОЮУГА НЕГИЗ ЖОК”

4-БЕТТЕ

БАЛАНЫН КАЙСЫ ТИЛДЕ СҮЙЛӨӨРҮН ЭНЕ ЧЕЧЕТ

13-БЕТТЕ

“АЛТЫН УЮТКУ” КАЛКТЫН УЮТКУСУ

16-БЕТТЕ

ДОБУШТАР КОЛ МЕНЕН САНАЛАТ

29-ноябрда саат 18.00гө карата бюллетендердин 16,24%ы кол менен саналып бүттү. БШКнын маалыматы боюнча 2494 шайлоо участогунун ичинен 405 шайлоо участогундагы протоколдор алынган. Автоматтык саноочу урналардан келген маалыматтар алдын ала алынган гана жыйынтык. Шайлоо тилкелериндеги добуштар колго эсептелип жаткандыктан маалыматтар дагы өзгөрөт.

“Эркин-Тоо” – эгемендүү доордун гезити

2022-ЖЫЛДЫН АЛГАЧКЫ 6 АЙЫНА ЖАЗЫЛУУ БАШТАЛДЫ.
Баасы накталай төлөм – 1119,78 сом,
которуу аркылуу – 1100,13 сом.
“Нормативдик актылар” журналына жазылуу баасы:
накталай – 1480,19 сом,
которуу аркылуу – 1454,22 сом.

ПРЕЗИДЕНТ ДОБУШ БЕРДИ

Мамлекет башчысы Садыр Жапаров 28-ноябрда КРнын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо Бишкек шаарындагы №1053 шайлоо тилкесинде добуш берди.

Добуш берүүдөн соң Садыр Жапаров өлкө жарандарын парламенттик шайлоого активдүү катышуу менен атуулдук милдетин аткарууга чакырып, “ар бириңиздердин добушуңуздардан Кыргыз Республикасынын, анын ичинде өзүңүздөрдүн, балдарыңыздардын келечеги аныкталат” деген оюн билдирди.

ТҮРКМӨНСТАНГА БОЛГОН ИШ САПАР

Өлкө башчысы Садыр Жапаровдун Түркмөнстандын борбору – Ашхабад шаарына болгон бир күндүк жумушчу сапарынын алкагында Түркмөнстандын лидери Гурбангулы Бердымухамедов менен жолугушуп, Экономикалык кызматташтык уюмунун (ЭКУ) 15-саммитине катышып сөз сүйлөдү.

Анда күн тартибиндеги актуалдуу маселелер боюнча кеңири пикир алмашуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүдө Уюмдун маанилүү ролун белгиледи. Ошондой эле, ЭКУга мүчө-мамлекеттердин лидерлерин экономикалык өсүштө жана чөлкөмдү өнүктүрүүдө экономика үчүн артыкчылыктуу болгон транспорт жана коммуникациялар, өнөр жай, энергетика, соода жана инвестиция, туризм жана айланачөйрөнү коргоо сыяктуу тармактарда тийиштүү стратегия иштеп чыгып, аны ишке ашырууда чечкиндүү болууга чакырды. Жыйынтыгында ЭКУга мүчө-мамлекеттердин мамлекет жана өкмөт башчылары жыйынтыктоочу документти – ЭКУну динамикалык уюм катары бекемдөөгө, ага мүчө мамлекеттердин ортосундагы кызматташтыкты терендетүүгө жана кеңейтүүгө, ошондой эле жалпы баалуулуктарды, кызыкчылыктарды түзүүгө багытталган иш-аракеттер боюнча Ашхабад консенсусун кабыл алышты.

КРнын Президенти Садыр ЖАПАРОВ:

“НААРАЗЫ ПАРТИЯЛАР ЫНАНМАЙЫНЧА БЮЛЛЕТЕНДЕР ЭЧ ЖАККА ЖЫЛБАШ КЕРЕК”

Президент Садыр Жапаров Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо добуш берүү аяктаган соң шайлоодон кийин - баары менен иштешүүгө даярбыз деген багытта кайрылуусун жасаган.

Айрым партиялар арасында шайлоо боюнча терс пикирлер айтыла баштагандыктан Өлкө башчысы өзүнүн социалдык баракчасына “Урматтуу кыргызстандыктар! Борбордук шайлоо комиссиясынын серверинде “сбой” болду, “добуштарды уурдады” деп ызы-чуу салып жаткан партияларга айтаарым: бюллетендерди кол менен санап чыгууга силерге эч ким тоскоол болбойт. Кол менен санап чыккыла. Толук санап чыгып, ар бир нааразы болгон партиялар ынанмайынча бюллетендер эч жакка жылбаш керек. Эгер чындап эле БШК жасалма кылган болсо, БШКнын бардык мүчөлөрү жоопко тартылышат. Керт баштары менен жооп беришет. Бийлик тараптан шайлоо процессине кийлигишпегендей эле БШКнын ишине дагы эч ким кийлигишкен жок. Эгер ким кийлигишкен болсо БШКнын мүчөлөрү ачык айткыла. Адамдан коркпогула. Кудайдан корккула”, – деп жазды.

Акылбек ЖАПАРОВ:

“МЕКЕНЧИЛДИК ПОЗИЦИЯҢЫЗДАРГА ИШЕНЕМ”

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров КРнын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо Бишкек шаарынын №71 жалпы орто билим берүү мектеп-интернатынын имаратында жайгашкан №1142 шайлоо участогунда добуш берди.

Добуш берүүдөн соң мекендештерге: “Биздин шайлоого жана шайлануугa укугубуз бар. Сиздер татыктуу тандоо жасап, сиздердин кызыкчылыгыңыздарды жактап, экономиканын өсүшүнө өбөлгө түзүп, сиздердин пенсияларыңыздарды жана айлык акыңыздарды жогорулата турган мыйзамдарды жаза турган депутаттарды шайлайсыздар деп ишенем. Өлкө тарыхында алгач ирет Президенттин Администрациясы жана Министрлер Кабинети шайлоо процессине кийлигишкен жок деп айтууга болот. Сиздердин жоопкерчиликтүү, салмактуу, мекенчилдик, жарандык позицияңыздарга ишенем”, - деп кайрылуу жасады.

ТОВАРЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮДӨ КОРИДОРЛОРДУН ТҮРЛӨРҮ АНЫКТАЛДЫ

Бажы чек арасы аркылуу товарларды өткөрүүдө коридорлордун түрлөрү аныкталды. Тийиштүү чечимге Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров кол койгон.

Аталган чечим бажы органдары тарабынан тобокелдиктерди минималдаштыруу боюнча чараларды дифференттүү колдонуунун зарылдыгы аныкталбаган Евразия экономикалык бирлигинин бажы чек арасы аркылуу товарларды өткөрүүнү тездетүү жана жөнөкөйлөтүү үчүн тобокелдиктерди башкаруу системасын пайдалануу максатында кабыл алынган. Мындан улам, “Бажылык жөнгө салуу жөнүндө” КРнын Мыйзамынын 103-беренесине, “КРнын Министрлер Кабинети жөнүндө” КРнын конституциялык Мыйзамынын 13 жана 17-беренелерине ылайык, бажы чек арасы аркылуу товарларды өткөрүүдө коридорлордун төмөнкүдөй түрлөрү жана категориялоонун жыйынтыктары боюнча колдонулуучу тобокелдиктерди минималдаштыруу боюнча аларга тиешелүү чаралары аныкталды: “жашыл коридор”– тобокелдиктерди минималдаштыруу боюнча чаралар колдонулбайт; “сары коридор” – документтерди текшерүү менен байланышкан тобокелдиктерди минималдаштыруу боюнча чаралар колдонулат; “кызыл коридор” – “бажылык жана башка документтерди жана (же) маалыматты текшерүү” жана “бажылык текшерүү” бажы контролунун формаларын милдеттүү түрдө колдонуу менен тобокелдиктерди минималдаштыруу үчүн бардык чаралар колдонулушу мүмкүн.

Жактарды тобокелдиктин төмөн, орто же жогорку деңгээлиндеги категорияларга киргизүү тартиби жана критерийлери бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат деп белгиленген.

Даярдаган
Жазгүл КАРБОСОВА

■ БШК бышыктады

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын мүчөсү Узарбек ЖЫЛКЫБАЕВ:

“ТЕХНИКАЛЫК МҮЧҮЛҮШТҮК БАРДЫК ИШКЕ КӨӨ ЖАПКАНДАЙ БОЛДУ”

- Узарбек мырза, мына кыргыз эли көптөн күткөн парламенттик шайлоо болуп өттү. Дегеним, ЖКнын 6-чакырылышынын депутаттары былтыркы революциядан кийин дагы бир жылга узак иштеп, жаңы парламенттин келишин күттүк. Жалпысынан даярдыктар кандай болду эле, шайлоо кандай өттү?

- 29-августта Президенттин “28-ноябрга Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо күнүн белгилөө боюнча” Жарлыгы чыккан. Ошондон баштап эбегейсиз иштер жүрүп, маалымат жеткирүү компаниясы катуу иштеди. Анткени, биринчи жолу аралаш система менен 36сы бир мандаттуу округдардан, 54ү партиялык ачык тизме менен шайлоодон утуп келди. Ушул 3 айдын ичинде БШК 50 миң 500дөн ашык адамды окуттук. Алар – 30 миңден ашык участкалык комиссиянын мүчөлөрү, 700дөй укук коргоо органдарынын кызматкерлери, ЖМКнын өкүлдөрү, аял талапкерлер, жаштар. Алардын активдүүлүгүн жогорулатуу үчүн 8 тренинг өткөрүлдү. Ошондой эле саясий партияларга, өкүлдөрүнө, талапкерлерге, анын өкүлдөрүнө жалпысынан 10дон ашык тренинг өттү.

- Эгерде ушунча окуулар болсо, анда эмнеге шайлоо күнү эки бюллетенди кармаган шайлоочулар сандардан адашты? Көбү кайсы талапкер кайсы санда экенин билбей калышты да.

- Буларды түшүндүрүү үчүн 56 кыска сурдокотормосу менен кыргыз, орус тилдеринде роликтер чыгып, борбордук жана облустук телеканалдарда көрсөтүлүп турду. Талапкерлер да ушул маалыматты жеткириш керек эле. Биз гезиттерге 150 миң нуска менен талапкерлер жөнүндө маалыматты чыгардык. Булар 12 аймактык гезиттер жана “Эркин-Тоо” мамлекеттик гезити. Аларды бекер тараттык. Андан сырткары, 750 миңден ашык буклет, флейер, кичирээк баннерлерди чыгарып, шайлоо участокторуна бердик. Ар бир участокто бир мандаттуу округдардын талапкерлери жөнүндө маалымат жана партиялар жөнүндө китепчелер турду. Туура, шайлоочуларда адашкандар болду. Быйыл элдин шайлоого кызыгуусу болгон жок. Эксперттер да муну белгилешти. Бир жылдын ичинде алты шайлоо өтсө, элди тажаткандай болду да. Экинчи жагынан, бийлик административдик ресурсту жокко чыгарды. Мекеме-ишканалар шайлоочуларды машина менен ташып келип салдырткан жок. Добуш сатып алуу да жок болду. Кызыкчылык болбогондон кийин көбү шайлоого барган жок.

- Жалпысынан канча шайлоочу катышты?

- 3 млн 700 миң шайлоочу болсо, анын 1 млн 300 миңи шайлоого катышты. Ошондо жалпы шайлоочулардын 35%ы келди.

- Эртеңки күнү “бул элдин аз пайызы шайлаган парламент мыйзамсыз болуп калды” деп чыгышпайбы?

- Андай болбойт, анткени мыйзамда “мынча пайыз келиш керек” деген норма жок. Референдумда 30%дан кем эмес шайлоочу келиш керек деген норма бар. Шайлоо милдет эмес, укук. Чет өлкөлүк шайлоочулар үчүн да 59 участок ачып бердик. Бирок ал жакта деле шайлоого аз катышты. “Биздин укукту тебелеп жатасыңар” дегендер шайлоого өздөрү келишкен жок. Жалпысынан даярдык жакшы жүрдү. Республикалык штабды Коопсуздук кеңешинин катчысы, генерал Марат Иманкулов өзү жетектеди. Бул дагы өзгөчөлүк болду. Мурун вице-премьерлер эле жетектеп койчу. Ал “административдик ресурс колдонулса катуу жаза аласыңар” деп эскертип турду. Биз дагы аймактардын баарын кыдырып, облустук, райондук мекемеуюмдарда, айыл өкмөттөрдө жыйындарды өткөрдүк. Ушул шайлоо өнөктүгүнө абдан көңүл бурулуп, шайлоо жакшы деңгээлде таза өттү.

- Канча эл аралык байкоочулар келди?

- 750гө жакын эл аралык байкоочулар келди. Алар дагы шайлоо таза болду деп жогору бааларын коюп жатышат. Болгону, бардык ишти бир көө жаап кеткендей болду. Ал техникалык гана мүчүлүштүк болду.

- Саат кечки 8дерде шайлоонун жүрүшүн түз көрсөтүп жатканда компьютер өчүп калып, кайра күйгөндө айырмачылыктар чыкты деген жаңжал чыкты. Чынында кандай болду эле?

- Биздин негизги сайтта маселе болгон жок. Бизден “кореялык системадан кеттиби?” деп сурап жатышат. Ал жерде да көйгөй жаралган жок. БШКнын эле it-адистери колдонуучуларга оңой киргенге деп жеңилдик кылуу максатында өзүнчө сайт ачышкан экен, ошол жерде техникалык мүчүлүштүктөр кетти. АСУлардан (автоматтык саноочу урналар) келген маалыматтар алдын ала гана жыйынтык. Кол менен санагандан кийин протокол менен берилет. Ошондуктан эч кандай мыйзам бузуу болгон жок. Азыр республика боюнча участкалык комиссиялар иштеп жатат. Алар түнү менен уктабай чыгышты, анткени эки система менен – бир мандаттуу округдардын жыйынтыгын чыгарып, протоколго кол коюп, андан кийин партиялык тизмени, анын ичиндеги ар бир талапкер канча добуш алганын саноо – көп убакытты талап кылууда.

- Жыгылган күрөшкө тойбойт болуп, 5 пайыздык чекке жетпей калгандар кол менен саноого өтөбүз деп жатышат. Бул канча күндө бүтөт?

- Булар оозеки эле айтып жатышат, жазуу түрүндө арыз келип түшө элек. 5%дык тосмого жетпей калгандар кайра саноо эмес, бул шайлоону жокко чыгарып, кайра шайлоо өткөргүлө деп жатышат. Ал кишилер деле акылдуу, өздөрү деле техникалык ката кетип калганын, эч кандай бурмалоо болбогонун жакшы түшүнүп турушат. Ар бир шайлоо участкасында алардын өкүлдөрү отурат, алардан маалыматты тактап койсо болот. Бирок, баарын бирден санатып чыгуу өтө чоң ишке айланат. Мыйзам боюнча биз 20 күндүн ичинде, 18-декабрга чейин жыйынтык чыгарып беришибиз керек. Өтүп келген партиялар арыз беребиз, айрым жерлерден шектенип турабыз дегендей кайрылып жатышат. Берсе, карап беребиз. Бул мурун деле болуп келген, кийин деле боло берет. Бул жалпы жумуш процесси. Эл аралык уюмдардын байкоочулары бизди колдоп жатышат. “Кечээтен бери кыдырып жүрүп таң калдык. Кыргыз Республикасындагы шайлоо КМШ өлкөлөрүндө алдыда деп мурда айтканыбыз менен мүчүлүштүктөр көп болчу. Бирок, бул жолкудай жакшы уюштурулган шайлоону көргөн эмеспиз”, - деп айтышты. Аларга да ыраазычылык билдиребиз.

- Бир мандаттуу округдардан келгендерде партиядагыдай маселе жаралган жок. Болгону Бишкек шаарынын ичинде эки райондун эли “баарына каршы” добуш берип, депутат келбей калды. Буларга кайра шайлоо качан болот?

- Бул шайлоонун жыйынтыгы чыгып бүткөндөн кийин алар үчүн кайра шайлоону уюштурабыз.

- Түшкөн арыздардын мааниси негизинен кандай болду?

- Мен шайлоочуларга маалымат жеткирүү жана үгүт иштерин көзөмөлдөө боюнча жумушчу тобун жетектедим. Мыйзамда мектеп, бала бакча, оорукана, мечитке 100 метр барууга тыюу салынат деп жазылып калыптыр. Айрым жерлерде мектеп менен мечиттен алыстаса эле айылдан чыгып калат экен. “Биз каякка жыйын өткөрөбүз?” дегендер болду. Ленин районунан дагы бир арыз түштү, бир талапкердин фамилиясы жазылган автоунаа бала бакчанын жанынан өтүп кетиптир. Бир карасаң күлкү келээрлик. Ошондуктан бул мыйзамды өзгөртүү керек. Негизгиси, мыйзамды сыйлоо менен адамгерчиликти да унутпаш керек. "Шайлоонун да эртеси болот". Бир мандаттуу округдардан 5-6 гана майда арыз түштү, калганы тынч. Жалпысынан 26 талапкерге жана саясий партиянын өзүнө айып пулдарды салдык. Ал 300 миң сомдой болду. Добуштарды сатып алуу боюнча социалдык тармактарда сөздөр жүрдү, бирок бизге укук коргоо органдарынан маалымат келип түшкөндө гана карайбыз. Биз бир топ талапкерлерге добуш сатып алуу аракетине каршы эскертүүлөрдү берип, шайлоодон четтетилип калаарын айтканбыз. Бул дагы натыйжа берди, көбү тынчып калышты. Мыйзам бузгандары укук коргоо органдарынан азыр деле тастыкталып калса, утуп алган партиялар деле четтетилип калышы мүмкүн.

- Бул шайлоо кызыктарга бай болду да. Мурдагыдай партиянын лидери биринчи келет деген түшүнүк болгон жок.

- Туура айтасыз. Партиялардын көбүндө лидерине караганда башка талапкери көп добуш алды. Президент деле “люстрация ушул болот, жакшылап тандагыла” деди го. Парламент – коомдун жүзү да. Кандай адамдарга эл добуш бersе, ошолор келип отурат. Эки партиянын лидери керектүү добушту албай калып, башка талапкерлери келди.

- Партиялык тизме менен келгендер эртеңки күнү аткаруу бийлигине кетсе, анын ордун мурункудай эле артында тургандар ээлей береби?

- Ооба, анын ордун улам катарда турганы ээлей берет. БШКга берилген ар бир партиянын 54 талапкери улам кеткен депутаттын ордун толуктай берет. Бир айым 500 добуш менен эле депутат болуп келе жатат. Бул 30% аялдар болсун деген нормага ылайыкташтырганда, аялдар үчүн жакшы болду. Ал эми эркектерден көп, 7-8 миң добуш алган аялдар да болду.

- Парламентке 30% аялдар келиш керек деген мыйзам талабын камсыздай аласыздарбы?

- Жалпы 90 депутаттын ичинен эмес, партиялык тизме менен келе турган 54 депутаттын ичинен аялдар келет, азыр анын толук жыйынтыгын чыгара элекпиз. Ал эми бир мандаттуу округдан утуп келген талапкерлердин ичинде бир дагы аял жок. 90 депутаттын 16-17си гана аялдар болушу мүмкүн. Бизге келген байкоочулар аралаш системадан сырткары, преференциалдык системаны кызыгуу менен карап жатышат. Биздин коңшу өлкөлөрдө электрондук урна, сервер жок. Баягыдай эле кол менен санашат. Байкоочулар дагы “экономикадан артта болушуңар мүмкүн, бирок шайлоо системасы боюнча аябай алдыга кеттиңер” деп көп айтышат. Жамандыкты эле айта бербей, ушул сыяктуу жакшылыктарды да айтып турушубуз керек. Кыргыз жери өтө мобилдүү, эли эптүү, жери берекелүү. Буюрса ниетти оңдосок, экономикалык өсүштөргө бат эле жетебиз. Кыргыз жери – мүмкүнчүлүктөрдүн өлкөсү. Баарыбыз мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланышыбыз керек. Шайлоого өзүм абдан жогору баа бердим, таза өттү. Той болот, тойдо кыз жоголот дегендей, биздин айти-кызматкерлердин аркасы менен техникалык мүчүлүштүктөр болуп кетти. Жалпы БШК тутумундагы 30 миңдей кызматкердин күнү-түнү шайлоо участкаларында иштеген эмгегин эске алышыбыз керек.

Сымбат МАКСУТОВА



ТҮНДҮК МУЗ ОКЕАН ЭРИЙ БАШТАДЫ

Түндүк муз океанды жылуулук каптап, эрий баштаганын Кембриж университетинин окумуштуулары изилдеп чыгышып, Science Advances журналына макала жарыялашты. Изилдөөдө аба ырайынын 2°Сга жакын жогорулашынан улам океан жылып, муздун курамы калыбын жоготкону айтылган жана океан XX кылымдын башынан тарта өзгөрүүлөргө учурай баштаганы белгиленген.

УЛГАЙГАН ЖУПТАРДЫН ЖҮРӨГҮ БИРДЕЙ СОГОТ

Иллинойс университети жубайлар арасындагы мамиленин ыргагын жакындык аркылуу изилдөөгө алып көрүшүп, жубайлар бири-бирине жакын турганда, жүрөктөрүнүн кагышы бирдей ыргакка түшө тургандыгын аныкташты. Мындай кызыктуу изилдөөнү жүргүзүү үчүн аталган университеттин изилдөөчүлөрү 14 жылдан 65 жылга чейин бирге өмүр сүргөн 64 жаштан 88 жашка чейинки 10 жупту тандап алышкан.

ИЗРАИЛ ЧЕК АРАСЫН ЖАПТЫ

Коронавирустун жаңы "Омикрон" деп аталган штаммынан улам Израил чет элдиктерге чек арасын жапты. Эскерте кетсек, Түштүк Африкада 11-ноябрда аныкталган коронавирустун бул түрү мурдагыларга салыштырмалуу ылдам тарап жатканы, буга чейин вирустун башка штаммдары менен ооругандарга жукканы кабарланган. Көпчүлүк мамлекеттер бул штамм катталган өлкөлөргө аба каттамдарын токтотуп жатышат.

ПЕТР ФИАЛА

Чехиянын жаңы премьер-министри болуп Петр Фиала дайындалды. Эске салсак, Петр Фиала 2012-жылдын майынан 2013-жылдын июлуна чейин Нечастын өкмөтүндө билим берүү, жаштар жана дене тарбия министри болгон. Академиялык коомчулукта ал Брнодогу Масарк университетинин мурдагы ректору жана проректору катары да белгилүү.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

■ Болжолдуу жыйынтык акыркы эмес

ШАЙЛООНУН ЧЫНЫГЫ ЖЫЙЫНТЫГЫН КҮТӨЛҮ

28-ноябрда өткөн парламенттик шайлоодо жалпысынан 1 миң 300дөй талапкер парламенттеги 90 депутаттык кресло үчүн ат салышты. Анын ичинен 21 партиядан 1 миңден ашыгы 54 депутаттык мандат үчүн, ал эми бир мандаттуу округдан 282 талапкер 36 мандат үчүн күрөштү.

Шайлоодо сөзсүз бирөө утса, бирөө утулат. Республикабыз боюнча добуш берүүнүн болжолдуу жыйынтыгы шайлоо участкалары жабылгандан көп өтпөй эле белгилүү болуп, бул талапкерлер, коомчулук үчүн да күмөн саноону пайда кылды. Буга автоматтык эсептөө системасы бир канча убакыт иштебей калып, андан соң партиялардын алган добуштарынын саны боюнча өзгөрүүлөр болгону себеп болду. Азыркы учурда тиешелүү 5%дык тосмодон өтпөй калган партиялар үчүн шайлоонун бурмалангандыгына бул негизги аргумент болууда. 28-ноябрь күнү түн ортосунда “Ата Мекен”, партиясынын штабына чогулган “Азаттык”, Социал-Демократтар, “Улуттар Биримдиги” болуп 4 партия мына ушул себептен добуш берүүнүн жыйынтыктарын тааныбай, кайра шайлоону талап кыларын билдиришти.

Нуржан Шайлдабекова бул боюнча түшүндүрмө берип, БШКнын сайтында ката кеткенин айтса, хакердик чабуул болушу мүмкүн деген пикирлер болду. Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов 29-ноябрда Твиттерде “таң атпай Президенттик администрация кечээ эмне болгонун териштирди. “Шайлоо” автоматтык эсептөө урнасында эч кандай ката болгон эмес, жарыяланган бир таблицада гана программалык ката кеткен”, - деп жазып чыкты. Коопсуздук кеңешинин төрагасынын орун басары Таалатбек Масадыков шайлоодо добуш берүүнү камсыздоочу электрондук сервердин ишинде добуш берүү бүткүчө мүчүлүштүк болбогонун айтууда.

“АДАМДАН КОРКПОГУЛА, КУДАЙДАН КОРККУЛА!”

Добуш берүү аяктаганда системада эмне катачылык кетти ал боюнча так жыйынтык алдыда болор. Электрондук эсептөөнүн жыйынтыгы эч убакта шайлоонун акыркы жыйынтыгы боло албасы белгилүү. Добуштарды кол менен эсептеп чыгуудан кийин гана акыркы жыйынтык чыгат. Бийлик өкүлдөрү мурдагылардан айырмаланып, нараазы болгондорго ыкчам реакция кылып, добуштарды кол менен саноодон кийин гана акыркы жыйынтык чыгаарын айтып жатышат. Коопсуздук кеңешинин катчысы Марат Иманкулов шайлоонун жыйынтыгын бурмалоого жол берилбестигин белгилеп, “коркуп-үркө турган эч нерсе жок. Ар бир бюллетенди текшерип чыккан-га даярбыз”, - деп фейсбуктагы баракчасына жазып чыкты.

Президент Садыр Жапаров добуштарды толук санап чыгып, ар бир нааразы болгон партиялар ынанмайынча бюллетендерди эч жакка жылдырбоону тапшырды. “Эгер чындап эле жасалма болсо БШКнын бардык мүчөлөрү жоопко тартылышат. Керт баштары менен жооп беришет. Бийлик тараптан шайлоо процессине кийлигишпегендей эле БШКнын ишине дагы эч ким кийлигишкен жок. Эгер ким кийлигишкен болсо БШКнын мүчөлөрү ачык айткыла. Адамдан коркпогула, Кудайдан корккула!” - деп кайрылды.

ӨТПӨЙ КАЛГАНДАР ДА ӨТҮП КЕЛИШИ АЖЕП ЭМЕС

Акыйкаттык үчүн айтып коюш керек, бул ирет шайлоого карата даярдык мурдагылардан айырмаланды. Бийлик шайлоонун ачык жана адилет өтүшү үчүн болгон аракеттерин жумшоонун натыйжасында мурдагыдай добуш сатып алуу, административдик ресурстун иштеши сыяктуу көрүнүштөрдүн алдын алууга мүмкүн болду. Бул боюнча бийликти сындап жүргөн саясатчы Өмүрбек Текебаев дагы шайлоону өткөрүүгө карата бийликтин аракетине оң баасын бергени бар. Бирок, дароо бүгүн эле кристаллдай таза шайлоо өттү деп кыялдануу акылга сыйбаган нерсе. Сөзсүз айрым бир мыйзам бузуулар орун алышы мүмкүн. Мамлекет башчысы баш болуп мына ушундай жагдайларга көңүл буруп, ыкчам реакция кылып жатканын көрүп жатабыз. Бул бийликтин таза шайлоо ниетин дагы бир ырастап жатканын белгилеп койгубуз келет. Эртең добуштарды кол менен саноодон сандар өзгөрүп, өтпөй калган партияларды да парламенттен көрүп калуубуз ажеп эмес.

АДАШКАН ДОБУШТАР

Парламенттик шайлоо принциби боюнча таза, адилет өтүшүнө мыйзамдык да, саясий эрк жагынан да бардык иштер жасалды. Бирок добуш берүү мурдагыдан айырмаланып аралаш системада өткөндүктөн шайлоочуларга жеткиликтүү түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдөн аксадык. Бюллетендердин 10%ы же дээрлик 100 миңден ашууну жараксыз болушу мунун бир далили. Мынчалык көп санда жараксыз бюллетендер мурдагы шайлоолордо болгон эмес. Бир шайлоочу Бишкектин “Көлмө” жаңы конушундагы №78 мектепте жайгашкан шайлоо участогунан “аай иий, менин талапкеримдин катар саны канча экенин билбей койбодумбу, фамилиясы жок экен, болжоп туруп эле 14кө белги коюп койдум” деп чыкканына өзүм күбө болдум. Демек, жараксыз болуудан тышкары айрым талапкерлер адашкан добуштарды да алышты. Чынында эле партиялык тизме боюнча үгүт иштери жеткиликтүү болгон жок. Мурдагыдай шайлоочулар менен массалык жолугушууларды көрбөдүк. Буга бир себеп административдик ресурсту чектөө максатында мамлекеттик структураларда иштегендерге үгүт ишине катышууга тыюу салуу себеп болду. Тигил же бул партияга, талапкерге үгүт болуп калат деп көптөр шайлоо процессинен өзүлөрүнөн алыс кармашты. Мындай болбош керек эле, биз үгүт менен шайлоочу катары миссияны чаташтырбай бөлүп карап, талапкерлердин программасына кызыгып көрүп, жолугушууларга барып, киргизилип жаткан добуш берүүнүн жаңы эрежесин тыкыр үйрөнүүгө тийишпиз.

Экинчиден, бул ирет жашаган жери боюнча катталуусуна жараша добуш берилди. Бизде шаардан тыш жакта катталып, өзү шаарда жашагандар көп. Ошол себептен мисалы, Бишкекте туруп Сокулукка добуш бергенге ар ким эле бара бербеши мүмкүн. Түрк мамлекеттер уюмунун байкоочу миссиясынын өкүлү Генжат Газалов өз оюн билдирип, бул шайлоодогу кыргыз элинин активдүүлүгүнө бир аз чектөө болгонун белгиледи. Ал жарандардын каттоосу жана жашаган жери боюнча да добуш берүү мүмкүнчүлүгүн карап көрүүнү сунуштады. Мисалы, мен ушуга чейин “Көлмө” жаңы конушунда добуш берип келгем. Тизме боюнча да ошол участоктомун. Бирок жакында паспортумдун мөөнөтү бүткөндөн улам алмаштырган элем. Адаттагыдай эле “Көлмөгө” барсам ал жерден менин фамилиям чыккан жок. Андан кийин жаңы адресим боюнча издеп барып, №61 мектептен добуш бердим.

Ырасында эле шайлоочулардын тизмеси боюнча 3 млн 703 миң шайлоочунун үчтөн бир бөлүгү гана, башкача айтканда жалпы шайлоочулардын 34%ы гана добуш берди. Мында жашаган жери боюнча добуш бере албай калгандар да болгонун жокко чыгара албайбыз.

КАНЧА ШАЙЛООЛОРДО ТЫШТА КАЛГАН МАДУМАРОВДУН ӨТҮП КЕЛИШИ

Жалпысынан шайлоо тынч, ашыкча бир иш-аракеттерсиз өттү. Добуш берүү алдында же ал күнү бирин-бири үгүттөө, шайлоочуларды ташуу, шайлоо участкаларын тегеректеп жүргөн күйөрмандар да көрүнгөн жок. Добуш берүүдө элдин эркине кандайдыр таасир этүү боюнча бийликке карата ынанымдуу дооматтарды азырынча уга элекпиз. Бир гана “Шайлоо” системасындагы сандардын өзгөрүшү учурда шайлоонун таза өткөнүнө көлөкө түшүрүүдө.

Бирок, ой жүгүртүп көрсөк, бүгүнкү күнгө карата электрондук эсептөө урнасынын болжолдуу жыйынтыктары эле шайлоонун эркин жана калыс өткөнүн билдирип турат. Азыркы жыйынтык боюнча 5%дык тосмодон өткөн 6 партиянын бири “Бүтүн Кыргызстан” партиясы болду. Партия лидери Адахан Мадумаров турган турпаты менен оппозициялык саясатчы. Ал алган добушу боюнча 1 миң 300дөй талапкерлердин ичинде рейтинги боюнча алдыңкы “бештикке” кирди. Бишкектин бир мандаттуу Октябрь шайлоо округунан учурдагы депутат Дастан Бекешев ишенимдүү жеңишти камсыз кыла алды. Же болбосо Чүйдүн Аламүдүн шайлоо округунан Сеид Атамбаевдин жеңишке жетиши эмнени айтып турат? Элдин ден соолугу, жашоотурмушу үчүн күйүп-жанып иштеп жүргөн жаш жигит Эрулан Көкүлов “Ынтымак” партиясынын ичинде алган добушу боюнча лидерлерин да артка калтырып, чоң айырма менен алдыга чыкты. Эл өзү тараза, эл өз баасын сөзсүз берет.

БШКнын төрайымы Нуржан Шайлдабекованын пикиринде кол менен эсептөөнүн жыйынтыктары автоматтык эсептөө урнасынын жыйынтыктарынан анчалык деле айырмаланбашы мүмкүн. Учурда добуштарды кол менен эсептөө жүрүүдө. Анын жыйынтыгы менен жетинчи чакырылыштагы парламенттин депутаттарын шайлоонун чыныгы жыйынтыктарына күбө болобуз. Албетте, бул темада айтаар сөзүбүз али алдыда.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

БАЙКООЧУЛАР ЭМНЕ ДЕЙТ?

КМШнын аткаруу комитетинин төрагасы Сергей ЛЕБЕДЕВ:

- Шайлоону уюштуруу деңгээли өскөнүнө күбө болдук. Биз техникалык жактан жогорку деңгээлде жабдылганын белгилегибиз келет. Биздин арабызда КМШнын 8 мамлекетинин шайлоо комиссияларынан өкүлдөр бар. Алардын айрымдары мындай техникалык мүмкүнчүлүктөр жок экенин айтышты. Батыш байкоочулары бюллетендеги 21 партия шайлоочу үчүн ыңгайсыз болгонун, алдындагы көп төрт чарчы алкактан эл адашканын, майда партияларга шайлоого катышууга укук беребиз деп 5-6 партия эмес, 21 партия бюллетенге киргенин кемчилик катары белгилешкенин айтышты. Жергиликтүү жана ШКУ миссиясынын байкоочулары менен баарлашканыбызда шайлоо участкаларында олуттуу дооматтарды коюуга негиз болбогонун белгилешти.

КМШнын парламенттер аралык ассамблеясынын байкоочулар миссиясынын өкүлү Александр БАШКИН:

- Шайлоо парламентке ар кандай саясий күчтөрдөн жана аймактардан келүүгө кеңири мүмкүнчүлүк берген жаңы системада өттү. Бул өтө маанилүү. Айрым шайлоочуларда бюллетендерди толтурууда кыйынчылыктар болду. Бул система мыйзамдарга жаңы киргендиктен жарандардын бардыгы буга үйрөнүшө электигин туура түшүнүүбүз керек.

Түрк мамлекеттер уюмунун башкы катчысынын орун басары Генжат ГАЗАЛОВ:

- Парламенттик шайлоо мыйзам талабына жана эл аралык стандарттарга ылайык ийгиликтүү өттү. Миссия бир катар талапкерлер жана алардын өкүлдөрү менен жолугушту. Шайлоо алдындагы жана шайлоо иш-чараларына барып, үгүт иштеринин жүрүшү менен таныштык. Шайлоо кампаниясын каржылоого байланышкан маселелер жана мыйзам базасынын сапаты, анын ичинде жаңы шайлоо системасы боюнча да пикир алыштык.

КМШ мамлекеттеринин миссия башчысы Василий ВОЛКОВ:

- КР БШКнын чакыруусу менен биздин байкоочулар миссиясы 8-ноябрдан баштап парламентке шайлоо өткөрүүгө даярдык боюнча мониторинг өткөрдү. Миссиянын курамында 190 байкоочу иштеди. Биз өлкөдө шайлоого эл аралык байкоого бардык шарттар түзүлгөнүн белгилейбиз. Талапкерлерди көрсөтүү жол-жобосу жана аларды каттоо, үгүт иш-чаралары КРнын мыйзам талаптарына ылайык жүргүзүлгөнүн айта алабыз. Шайлоону даярдоо жана өткөрүүдө шайлоо мыйзамдары бузулган учурда ыкчам реакция кылууга бардык шарттар түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр ЖАПАРОВ:

“ДЫЙКАНДАРГА БӨЛҮНГӨН БИР ДАГЫ СОМ БАШКА БАГЫТКА КЕТПЕШИ КЕРЕК”

26-ноябрда Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун төрагалыгы астында Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин жыйыны болуп өттү.

Жыйында Жогорку Кеңешке шайлоону өткөрүү учурунда коомдук жана эпидемиологиялык коопсуздукту камсыздоо, өлкөнүн экономикалык жана азык-түлүк, энергетикалык коопсуздугун камсыздоо маселелери жана ошондой эле Улуттук коопсуздук концепциясынын долбоору каралды.

ПРЕЗИДЕНТ БЕРГЕН ТАПШЫРМАЛАР

Күн тартибиндеги маселелерге өтөөрдөн мурда мамлекет башчысы айрым жетекчилерге тапшырмаларды берди.

“Жарым жыл мурда Эсептөө палатасына тапшырма бергем. Биздин мамлекеттик банктарды ревизия, аудит жасоо боюнча. Эмне себептен дыйкандарга берилген жеңилдетилген кредиттер жетпей жатат деп. Бул жерде дыйкандарга мамлекет тарабынан бөлүнгөн каражаттардын 3 эле пайызы жетет экен. Калган 97%ын жалаң бизнесмендер, депутаттар, министрлер, губернаторлор, алардын жакын туугандары алат экен. Мына алты пайыз менен. Биз Өкмөт аны дыйкандарга берип жатабыз. Ал акчаны жүз пайыз дыйкандар алышы керек болчу.

Ошондуктан, ушул маселени мен Камчыбек Кыдыршаевич сизге тапшырам. Изилдеп чыгып, кимдерге берилген кредиттер, эмне үчүн дыйкандарга жеткен эмес. Кайсыл банктар берген? Мисалы, „Айыл Банк“ менен РСК жөнүндө. Жеке банктар да бар мамлекет аркылуу алып дыйкандарга берген. Ушуларды текшерип чыгып, чечим кабыл аласыз.

1-январдан баштап дыйкандарга бөлүнгөн бир дагы сом башка багытка кетпеш керек. Эки айлык мөөнөт менен изилдеп чыгасыз” – деп Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаровго тапшырма берди Президент Садыр Жапаров.

Ошондой эле Мамлекет башчысы лицензиялар боюнча геологияны аудит жасап чыккандыгына токтолду. “Бул жерде дагы коррупциялык элементтер өтө күч алган. Муну дагы изилдеп чыгып, эки айдын ичинде отчёт беришиңер керек.

Мындан сырткары, энергетика боюнча дагы жөн эле „списать“ этип салган фактылар абдан көп. Мисалы, жок эле, дареги жок, пайдубалы эле турат, ошол үйдө киши жашайт кылып же болбосо бир мекемени ошол жакка каттап, мына ушул жерден ушунча карыз төлөй албай калды деп туруп, миллиондогон сом карызды жокко чыгарат. Ошону менен жоголуп кетип жаткан электр энергияны "списать" кылышат экен. Курманкул Токтаралыевич бул эки маселени сизге бердим. Сиз дагы карап чыгып, эки айлык мөөнөттө ордуна коёсуз. Райондун эле прокурору жетиштүү болот. Ар бир районго өзүнчө тапшырма бериңиз. Бардыгын изилдеп чыгышсын”, - деди.

МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАЛАР ДА КИРЕШЕ БЕРЕ БАШТАДЫ

Мамлекет башчысы: “Мамлекеттик мүлк канча мүлкүңөр бар, кайсыл жерде жайгашкан, баасы канча ошону так билбейт экенсиңер. Мамлекеттин канча мүлкү бар, учёту жок экен. Ошондуктан мунун баарын изилдеп чыгып, учётко коюп жана рыноктук баасы канча тактап чыккыла. Андан сырткары, бюджеттин аткарылышы боюнча дагы өтө чоң кемчиликтер бар экен. Бул эки маселени, Арзыбек Кожошев, муну көпкө күтүштүн кереги жок. Эки ай өтө көптүк кылат, бир айдын ичинде бүтүрүп чыгып, мага отчётун бересиз”, - деп тапшырма берди.

“Биз мамлекеттик мүлктүн мамлекеттик мекемелерин ай сайын, керек болсо жума сайын отчётун алып, текшерип турушубуз керек. Кандай иштер жүрүп жатат, кайсыл багытта бара жатат, канча киреше тапты жана ушул сыяктуу маселелерди керек болсо күнүгө алып турсак болот. Мисалы, „Мегаком“ боюнча айтайын. Ушул жылдын башында анын башчысын алмаштырганмын. Келишим түзгөнбүз. Мурдагы жылдары 2-3 млрдга чейин таза киреше берип жаткан болсо, 2-3 жылдан бери 500 млнго түшүп калган. Тарифтер, абоненттери ошондой эле, бирок киреше 500 млнго төмөндөгөн. Мен жаңы жетекчи коюп туруп, минимум 1,5 млрдга чыгарасың, болбосо жоопко тартыласың дегенмин. Мына бүгүн 1,5 млрд таза киреше берди. Анда 1 млрд сом каякка кетип жүргөн? Өзүңөр ойлонуп көргүлө. Былтыр болгону 1,5 млрдга чейин салык төккөн. Быйыл 3 млрд салык төгүп, 1,5 млрд сом таза киреше таап жатат. Мурда 1,5 млрд салык төккөн, салыктан да, таза кирешеден да 1 млрд жеп жүргөн. Мына ушундай фактылар өтө көп”, - деген Президент Садыр Жапаров темир жол, “Манас” аэропорту, «Дастан» заводу, «Кыргызнефтегаз», мунай иштеп чыгуучу „КПК“ заводу боюнча дагы мисалдарды келтирип, Айдаркен, Кадамжай комбинаттары дагы жакын арада кирешелерди бере башташаарына токтолуп өттү.

ЖЕТЕКЧИЛЕРГЕ СӨГҮШ ЖАРЫЯЛАДЫ

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров Коопсуздук кеңешинин жыйынынын жүрүшүндө айыл чарба министри Аскарбек Жаныбековго, Президенттин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эркин Тентишевге жана Айыл чарба министрлигине караштуу Суу чарба кызматынын директору Алмазбек Сокеевге сөгүш жарыялады.

Мамлекет башчысы жаз-жай мезгилинде Чүй облусунун сугат жерлерин талаптагыдай сугаруу камсыз кылынбаганын белгиледи. «Дыйкандар ызы-чуу сала баштаганда гана кириштиңиздер», - деп кошумчалады ал.

Президент Садыр Жапаров сугат мезгилине эрте даярдык көрүү зарылдыгын белгилеп, бул үчүн жогоруда аты аталган жетекчилер жеке жоопкерчилик алаарын кошумчалады.

110 МИҢДЕН АШУУН ҮЙ-БҮЛӨ ҮЧҮН ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫНЫН ТАРИФТЕРИ 50 ТЫЙЫНДЫ ТҮЗӨТ

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров Коопсуздук кеңешинин жыйынында азык-түлүк коопсуздугу маселесин кароо учурунда өлкөдөгү аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө электр энергияга тарифти төмөндөтүү тапшырмасын берди.

«1-январдан баштап биринчи электр энергиядан жардам берели. Азыр 77 тыйын да, ошону 50 тыйынга түшүрүп бергиле. 1-январдан баштап 50 тыйынга түшсүн, калган 27 тыйынын сиздер бюджеттен субсидия кылып төлөп бересиздер», - деп белгиледи Президент Садыр Жапаров.

Ошондой эле, Мамлекет башчысы тийиштүү министрликтерге аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн даректерин, аты-жөндөрүн тактоону тапшырды.

«Бир айдын ичинде дагы бир сыйра ревизия кылып чыккыла. 31-декабрга чейин эски тариф менен аласыңар дагы, 1-январдан баштап жаңы, 50 тыйындык тариф менен аласыздар. Ушул 110 518 үйдө. Бир айдан кийин сиздерден сурайбыз», - деп белгиледи Президент Садыр Жапаров.

КӨМҮСКӨ ЭКОНОМИКАНЫН ДЕҢГЭЭЛИН КЫЙЛА АЗАЙТУУГА ЖЕТИШҮҮБҮЗ КЕРЕК

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугу маселесин кароонун жыйынтыгында бир катар тапшырмаларды берди.

«Азыркы учурда өлкөдөгү көмүскө экономиканын масштабдары олуттуу жана жогорку деңгээлде калууда. Улуттук статистика комитетинин баа берүүсү боюнча байкоого алынбаган экономиканын ички дүң продукциясынын көлөмүндөгү үлүшү 2020-жылы ички дүң продукцияга 23,6% түзгөн жана 141,2 млрд сом өлчөмүндө түзүлгөн. Сиздер бул цифраларды ойлоп көрсөңүздөр, 141 миллиард сом, а балким андан да көп сумма көмүскө жүгүртүүдө болушу мүмкүн.

Экономиканын ушул көмүскө жүгүртүүсүнөн биз жыл сайын салыктык төлөмдөр түрүндө 25 миллиард сомдон ашык акча албай калуудабыз. Бул бюджеттин тартыштыгынан дээрлик эки эсеге көп. Башкача айтканда, эгерде биз көмүскө экономиканын деңгээлин жок дегенде жарымына төмөндөтө алсак, биз дароо эле бюджеттин бардык тартыштыгын жабат элек. Эгерде андан да көп кыскартсак, анда ал каражаттар мугалимдерге, дарыгерлерге эмгек акыларын жогорулатуу, калктын социалдык жактан аялуу катмарлары үчүн жөлөкпулдарды көбөйтүү үчүн булак болуп калмак. Ошол эле учурда, көмүскө жүгүртүүдөн келип түшүүлөрдүн бөлүгүн биз тышкы карызды жабууга жумшайт элек. Ушуга байланыштуу фискалдаштыруу процесси 2022-жылы толугу менен аякташын мен талап кылам.

Алдыга коюлган маселелерге жетишүү үчүн Министрлер Кабинети мен санап өткөн тапшырмалардан тышкары төмөнкүлөрдү аткарууга тийиш:

Биринчи. Улуттук инвестициялык долбоорлорго, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк боюнча долбоорлорду текшерүүлөргө 5 жылдык мөөнөткө убактылуу мораторий киргизүү. Экинчи. Райондор жана облустар боюнча инвестициялык картаны иштеп чыгуу жана ишке киргизүү. Үчүнчү. Биздин мамлекетти жана биздин потенциалды акырындап талкалап жаткан коррупция менен апелляциясыз согушту улантуу, анын ичинде чиновниктердин чыгашаларына жана кирешелерине контролду күчөтүү. Төртүнчү. Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмдерин өркүндөтүү боюнча ишти активдештирүү жана күчөтүү зарыл”, - деп айтты Садыр Жапаров.

ЭНЕРГЕТИКАЛЫК ТАРМАКТЫН НЕГИЗГИ КӨЙГӨЙЛӨРҮ КӨП

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров өлкөнүн энергетикалык коопсуздугу маселесин кароо алдында тармактын негизги көйгөйлөрүн да белгиледи:

“Энергетикалык тармак азыркы учурда терең кризисте турат. Башкаруунун натыйжасыз системасы, коррупция, өнөктөктө айланган толук каржылабагандык, отун алуу секторлорундагы техникалык жана технологиялык арта калуулар, отундун импортунан көз карандылык, керектөөнү реалдуу эсепке алуунун өркүндөбөгөнү, техникалык жана өндүрүштүк жоготуулардын жогорку коэффициенти, электр энергиясын уурдоо — бул Кыргыз Республикасынын энергетикалык тармагы туш болгон көйгөйлөрдүн бир гана бөлүгү.

2021-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча энергетикалык компаниялардын жалпы карызы дээрлик 134 миллиард сомду түзөт.

2023-жылдан тартып займдар боюнча төлөмдөр жыл сайын 13-14 миллиард сом деңгээлине жетет жана ал 2035-жылга чейин созулат. Бул болжол менен энергосектордун бир жылдык бардык кирешелеринен 50% жогору.

Бул чыгымдардын ордун жабуу үчүн бардык энергосектордун жана бүтүндөй тармактын ишине болгон мамилени түп тамырынан өзгөртүү зарыл”, - деди Мамлекет башчысы.

АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕ МАЙНИНГ-ФЕРМАЛАРДЫН УБАКТЫСЫ КЕЛЕ ЭЛЕК

Президент Садыр Жапаров Коопсуздук кеңешинин мүчөлөрүнүн көңүлүн майнинг-фермаларга бөлүп кетти.

“Азыркы учурда мыйзам боюнча алардын ишмердигине тыюу салынган эмес, бирок, ошол эле учурда ал өлкөнүн энергетикалык коопсуздугун коркунуч алдына коюуда. Бир майнинг-ферма электр энергиясын бир нече ишканадай эле керектейт. Бул болсо, электр энергиясы тартыш болуп жаткан шартта туура эмес. Ал эми ошол эле учурда жөнөкөй элге жана стратегиялык объекттерге электр энергиясы жетишсиз болуп жатат.

Ушуну эске алып, Министрлер Кабинети укук коргоо органдары менен биргеликте майнинг-фермалардын көйгөйүн кыска мөөнөттөрдө чечүүсү зарыл”, - деп белгиледи Садыр Жапаров.

КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕРИН ТАЛАПТАГЫДАЙ АТКАРА АЛЫШПАГАН

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров Коопсуздук кеңешинин жыйынында өлкөнүн энергетикалык коопсуздугун камсыздоо маселесин кароонун жүрүшүндө Энергетика министрлигинин жетекчиси көмүр менен камсыздоодо жаралган көйгөйлөрдү өз убагында чече албаганын, тактап айтканда көмүр сатууда кымгууттукка жана кызыл кулактыкка жол берилгенин билдирип, энергетика министри Доскул Бекмурзаевге сөгүш жарыялады.

Мындан тышкары, канааттандырарлык эмес иш алып баргандыгы жана кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн «Кыргызкөмүр» мамлекеттик ишканасынын директорунун орун басары Надырбек Бекжановду жана ишкананын коммерциялык директору Тимур Чокморовду ээлеген кызматынан бошотуу чечими кабыл алынды.

***

Коопсуздук кеңештин жыйынында Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясы жактырылды.

Даярдаган
Таалайбек ТЕМИРОВ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АДАБИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО ЖААТЫНДАГЫ ТОКТОГУЛ АТЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Бекитилсин:

- Кыргыз Республикасынын адабият жана искусство жаатындагы Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгы жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;
- Кыргыз Республикасынын адабият жана искусство жаатындагы Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгы боюнча комиссиянын курамы 2-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

- өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин;
- ушул Жарлыктан келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

3. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ

Бишкек ш., 2021-жылдын 24-ноябры, ПЖ №531

1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын адабият жана искусство жаатындагы Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгы жөнүндө ЖОБО

1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын адабият жана искусство жаатындагы Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгы (мындан ары - Мамлекеттик сыйлык) Кыргызстандын көп улуттуу маданиятын байыткан, эстетикалык жана тарбиялык чоң таасири бар жана кеңири коомдук таануу ээ болгон адабият жана искусство (поэзия, проза, драматургия, музыка, кино, архитектура жана скульптура, театр жана көркөм сүрөт искусствосу, радио жана телечыгармалар) жаатындагы көрүнүктүү чыгармалары үчүн Кыргыз Республикасынын жарандарына берилет.

2. Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы жана чыгармачылык бирликтери Мамлекеттик сыйлыкты ыйгарууга чыгармачылык эмгектерди көрсөтүүгө укуктуу.

3. Бул Жободо чыгармачылык бирликтер деп маданият жана искусство кызматкерлерин бириктирген коомдук уюм түрүндө түзүлгөн, Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында тиешелүү каттоодон өткөн юридикалык жак түшүнүлөт.

4. Мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүүгө өзүнчө китеп түрүндө бүткөрүлгөн көркөм адабий чыгармалар же басма сөзгө жарыяланган чыгармалардын цикли, ал эми көркөм сүрөт искусствосунун, музыканын, театр искусствосунун, кино искусствосунун чыгармалары - коомчулук алар менен кеңири таанышкандан кийин кабыл алынат.

5. Мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлгөн чыгармачылык эмгектер (спектаклдер, музыка, көркөм сүрөт искусствосунун чыгармалары, скульптуралык курулмалар) Кыргыз Республикасынын адабият жана искусство жаатындагы Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгы боюнча комиссия (мындан ары - Комиссия) тарабынан оригиналдуу демонстрациялоодо гана каралат, мында алардын видео же аудио жазуулары оригинал болуп эсептелбейт.

6. Кино, радио жана телечыгармалар жаатындагы чыгармачылык эмгекти көрсөтүүдө талапкерлер электрондук алып жүрүүчүлөрдөгү тиешелүү сапаттагы материалдардын жазууларын беришет.

7. Мамлекеттик сыйлыкка чыгармачылык эмгектин жаратуучулары болуп саналган талапкерлер гана (автор же авторлор жамааты) көрсөтүлөт.

8. Мамлекеттик сыйлыктын акчалай өлчөмү 1 000 000 (бир миллион) сомду түзөт.

9. Мамлекеттик сыйлык ыйгарылган адамдарга Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты наамы берилет, акчалай сыйлык, күбөлүк жана ардак төш белги тапшырылат. Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреатынын ардактуу төш белгиси (мындан ары - лауреаттын ардактуу төш белгиси) төштүн оң жагына тагылат жана лауреатта тиешелүү категориядагы мамлекеттик сыйлыктардын катарына кирген ардактуу наамы бар болсо, анда ал төш белгиден кийин тагылат.

10. Лауреаттын ардактуу төш белгисинин сүрөттөлүшү жана үлгүлөрү, Мамлекеттик сыйлыкка документтер Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан бекитилет.

11. Мамлекеттик сыйлык Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан үч жылда бир жолу ыйгарылат, ал салтанаттуу түрдө тапшырылат.

12. Мамлекеттик сыйлыктын лауреатынын дипломун, күбөлүгүн, ардактуу төш белгисин даярдоо менен байланышкан ишти, ошондой эле Комиссиянын мүчөлөрүн, Комиссиянын ишине тартылган эксперттердин жана адистердин ишин финансылык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылууну Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы жүзөгө ашырат.

2. Кыргыз Республикасынын адабият жана искусство жаатындагы Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгы боюнча комиссия

13. Комиссия Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу консультативдик-кеңеш берүүчү орган болуп саналат жана Мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлгөн чыгармачылык эмгектерди кароо жана тандоо максатында түзүлөт. Комиссиянын курамына адабият жана искусство ишмерлери кирет.

14. Комиссия өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын жана тескемелерин, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

15. Комиссиянын курамы төраганы кошо алганда 19 мүчөдөн турат, ал Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан түзүлөт.

16. Комиссиянын төрагасы Комиссиянын ишине жалпы жетекчиликти жүзөгө ашырат, Комиссиянын жыйналыштарын өткөрүү күнүн жана убактысын белгилейт, жыйналыштарды алып барат.

17. Комиссиянын курамын түзүүдө гендердик теңчилик маселелери эске алынышы керек.

3. Комиссиянын ыйгарым укуктары

18. Комиссияга төмөнкүдөй ыйгарым укуктар берилет:

- талапкерлердин эмгегин тариздөөгө жалпы талаптарды иштеп чыгат;
- талапкерлерден келип түшкөн эмгектерди кароо үчүн секцияларды жана эксперттик комиссияларды түзөт;
- талапкерлердин эмгектерин рецензиялоо үчүн айрым түрлөр жана жанрлар боюнча эксперттерди жана адистерди тартат;
- Мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлгөн талапкерлердин чыгармачылык эмгектери менен таанышуу үчүн Комиссиянын мүчөлөрүн жиберет;
- эмгек боюнча келип түшкөн сын пикирлерге талдоо жүргүзөт;
- эмгектерди акыркы тандоодон өткөрөт жана кийин Кыргыз Республикасынын Президентинин бекитүүсүнө киргизүү менен Мамлекеттик сыйлыкты ыйгаруу жөнүндө чечимди кабыл алат.

19. Секциялардын, эксперттик комиссиялардын, эксперттердин жана адистердин корутундусу акыркы болуп саналбайт. Алардын корутундусу талаштуу мүнөздө болгон учурда акыркы чечимди Комиссия кабыл алат.

20. Комиссиянын чечимдери боюнча даттануулар, арыздар, кайрылуулар жана суроо-талаптар Комиссиянын Мамлекеттик сыйлыкты ыйгаруу боюнча жыйынтыктоочу жыйналышында кабыл алынган чечимдерин кошпогондо, анын иштөө мезгилинде каралат.

21. Комиссиянын жумушчу органы болуп Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Мамлекеттик сыйлыктар боюнча комиссиясынын катчылыгы (мындан ары - жумушчу орган) эсептелет.

4. Комиссиянын ишин уюштуруу

22. Комиссия өз ишин жыйналыштарды өткөрүү жолу менен уюштурат.

23. Комиссиянын жыйналыштары анын 15тен кем эмес мүчөсү катышкан учурда укуктуу болуп саналат. Комиссиянын чечими катышкандардын көпчүлүк добушу, бирок Комиссиянын мүчөлөрүнүн 10дөн кем эмес добушу менен кабыл алынат.

24. Комиссиянын жыйналыштары Комиссиянын төрагасы тарабынан бекитилген иш планга ылайык өткөрүлөт. Пландан тышкары жыйналыштар Комиссиянын төрагасынын чечими боюнча зарылдыгына жараша өткөрүлөт.

25. Комиссиянын чыгымдары жана Мамлекеттик сыйлыктын төлөмдөрү республикалык бюджеттен каржыланат.

26. Комиссиянын мүчөлөрү талапкерлердин эмгегин кароо, талкуулоо жана тандоо мезгилинде Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан аныкталган акчалай сый акы алышат.

27. Комиссиянын ишине тартылган эксперттерге жана адистерге иштин көлөмүнө жана татаалдыгына жараша Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан аныкталган акчалай сый акы төлөнүшү мүмкүн.

28. Мамлекеттик сыйлыкка талапкерлердин сунуштоолорун жана аларга тиркелген материалдарды кабыл алуу, кароо жана экспертиза жүргүзүү менен байланышкан Комиссиянын ишин уюштуруучулук, маалыматтык, документтик жана укуктук жактан камсыздоону Комиссиянын жумушчу органы жүзөгө ашырат.

5. Мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлгөн талапкерлерди кароонун тартиби

29. Мамлекеттик сыйлыкка чыгармачылык эмгектерди көрсөтүүнүн мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын Президенти менен макулдашуу боюнча жумушчу орган тарабынан аныкталат.

30. Мамлекеттик сыйлыкка талапкерлерди көрсөтүүгө укугу бар субъекттер экиден ашпаган чыгармачылык эмгектерди көрсөтө алышат.

31. Соттуулугу жоюлбаган талапкерлерди Мамлекеттик сыйлыкты ыйгарууга сунуштоого жол берилбейт.

32. Мамлекеттик сыйлыкка талапкерлерди көрсөтүүгө укугу бар субъект Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына төмөнкү документтерди тапшырат:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин атына сунуштаманы (авторлор жамааты көрсөтүлгөн учурда сунуштамада чыгармачылык эмгекти жаратууга талапкерлердин ар биринин катышуусу жөнүндө маалыматтар чагылдырылат);
- талапкердин белгиленген үлгү боюнча толтурулган анкетасын;
- чыгармачылык эмгектин аннотациясын;
- паспорттун көчүрмөсүн;
- билими жөнүндө дипломдорунун, илимий даражасынын, эмгек китепчесинин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн;
- чыгармачылык бирликтин башкармасынын талапкерди көрсөтүү жөнүндө протоколунан көчүрмө менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн;
- талапкерди көрсөтүүнүн жыйынтыгы жөнүндө эсептөө комиссиясынын мөөр менен күбөлөндүрүлгөн протоколун;
- жарыяланган адабий чыгармалардын же көргөзмөгө коюлган эмгектердин тизмесин.

33. Эгерде чыгармачылык эмгек сыйлыкка талапкердин көзү тирүү кезинде көрсөтүлгөн болсо, Мамлекеттик сыйлык каза болгондон кийин берилиши мүмкүн.

34. Эгерде Мамлекеттик сыйлык каза болгондон кийин берилсе, акчалай сыйлык, лауреаттын ардактуу төш белгиси жана Мамлекеттик сыйлыкка документтер анын жакын туугандарына же мураскорлоруна өткөрүлүп берилет.

35. Эгерде Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты каза болуп, анын мураскорлору жок болсо, анда акчалай сыйлык мамлекетке кайтарылууга тийиш, ал эми лауреаттын ардактуу төш белгиси жана Мамлекеттик сыйлыкка документтер Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктар фондунда сакталат.

36. Курамы беш адамдан ашпаган авторлор жамаатына Мамлекеттик сыйлык берилген учурда, сыйлыктын акчалай бөлүгү алардын ортосунда тең бөлүштүрүлөт.

37. Эгерде чыгармачылык эмгек акыркы беш жылда, бирок кезектеги Мамлекеттик сыйлыкты ыйгарууга чейин бир жылдан кеч эмес жарыяланган, эл алдына чыгарылган, аткарылган болсо, анда Комиссия кароого кабыл алат.

38. Мамлекеттик сыйлыкка талапкерлердин чыгармачылык эмгектери келип түшүүсүнө жараша талапкерлердин сунуштоолору жана аларга тиркелген материалдар Комиссиянын кароосуна киргизилет.

39. Чыгармачылык эмгекти Комиссиянын жыйынтыктоочу жыйналышында бюллетенге киргизүү үчүн кароого сунуштоо жөнүндө Комиссиянын чечими Комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен Комиссиянын жыйынтыктоочу жыйналышы өткөрүлгөнгө чейин беш жумуш күндөн кечиктирилбестен кабыл алынат.

40. Комиссиянын мүчөлөрү Мамлекеттик сыйлыкка талапкер катары көрсөтүлүүгө укуксуз.

41. Мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүүгө төмөнкүлөр кабыл алынбайт:

- талапкер мурда ал үчүн мамлекеттик сыйлык менен сыйланган же ага Кыргыз Республикасынын ардактуу наамы ыйгарылган чыгармачылык эмгек;
- мурда Комиссия тарабынан колдоого алынбаган чыгармачылык эмгек;
- чыгармалардын жыйнагы;
- тиражы көрсөтүлбөгөн же жалпы тиражы 1000ден (бир миң) аз нускада басып чыгарылган, окууга кыйын майда шрифт жана саптардын ортосундагы аралык тыгыз басылган адабий чыгарма;
- изилдөө жана маалыматтык мүнөздөгү эмгек;
- бир жолку концерттик-аткаруучулук программалар, театрлаштырылган оюн-зооктор жана юбилейлик даталарга байланыштуу бир жолку коюулар.

42. Мамлекеттик сыйлыкты ыйгаруу жөнүндө маселе Комиссиянын жыйынтыктоочу жыйналышында талкууланат.

43. Мамлекеттик сыйлыкты тапшыруу жөнүндө Комиссиянын жыйынтыктоочу жыйналышында Комиссиянын төрагасы Мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлгөн талапкерлерге сунуштамаларды алдын ала кароонун жыйынтыгы жөнүндө баяндама жасайт.

44. Мамлекеттик сыйлыкты ыйгаруу жөнүндө Комиссиянын чечими жашыруун добуш берүү жолу менен кабыл алынат.

45. Эгерде Комиссиянын мүчөсү жүйөлүү себептер (республиканын чегинен сырткары болуу) же ден соолугунун абалы боюнча Комиссиянын жыйынтыктоочу жыйналышына катыша албаса, анда ал көрсөтүлгөн талапкер үчүн жыйынтыктоочу жыйналыш өткөрүлгөнгө чейин беш жумуш күн калганда добуш берүүгө укуктуу.

46. Комиссиянын жалпы курамынын 13 жана андан ашык добушун алган талапкер Мамлекеттик сыйлык алууга сунуштолат. Эгерде добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча талапкерлердин бири дагы добуштардын зарыл болгон санын албаса, анда Мамлекеттик сыйлык берилбейт жана Мамлекеттик сыйлыкка жаңы көрсөтүү кийинки жылдын ичинде жарыяланат.

47. Эгерде Комиссиянын жыйынтыктоочу жыйналышында Комиссиянын бүткүл курамынын 15тен аз мүчөсү катышса, анда Комиссиянын чечими боюнча жыйналыш башка күнгө которулат.

48. Мамлекеттик сыйлыкты ыйгаруу жөнүндө Комиссиянын чечими протокол менен таризделет, ага Комиссиянын төрагасы жана жыйынтыктоочу жыйналышта добуш берген бардык мүчөлөрү кол коюшат жана Кыргыз Республикасынын Президентине киргизилет.

49. Мамлекеттик сыйлыкты ыйгаруу жөнүндө чечим Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы түрүндө таризделет, ал Кыргыз Республикасынын Президентинин расмий сайтында жана "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланат.

6. Жумушчу органдын милдеттери жана функциялары

50. Жумушчу органга Комиссиянын ишин камсыз кылуу боюнча төмөнкүдөй милдеттер жана функциялар жүктөлгөн:

- Мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлгөн талапкерлердин керектүү документтерин жана материалдарын кабыл алуу;
- талапкерлердин келип түшкөн эмгектеринин тизмесин жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялоо жана алар боюнча коомдук талкууну уюштурууга көмөктөшүү;
- Комиссиянын иш кагаздарынын бардык түрлөрүн, анын ичинде Мамлекеттик сыйлыкка тапшыруу субъекттеринен документтерди кабыл алуу жана каттоо;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин тиешелүү ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун даярдоо;
- лауреаттардын күбөлүктөрүн тариздөө жана ардактуу төш белгилерин даярдоо;
- лауреаттарга акчалай сый акыларды берүү;
- Мамлекеттик сыйлыкты тапшыруу боюнча иш-чараны уюштуруу жана өткөрүү.

7. Жумушчу органдын ыйгарым укуктары

51. Жумушчу орган ага жүктөлгөн функцияларды жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкүлөргө укуктуу:

- жумушчу органга жүктөлгөн функцияларды аткаруу үчүн зарыл болгон материалдарды жана маалыматтарды мамлекеттик органдардан, мекемелерден, уюмдардан суратууга жана алууга;
- Мамлекеттик сыйлыкка талапкерлер тарабынан белгиленген эрежелерди бузуу менен таризделген документтерди же материалдарды жеткире иштеп чыгуу үчүн аны сунуштаган субъекттерге кайтарып берүүгө;
- жумушчу органдын компетенциясына кирген маселелер боюнча кат алышууга;
- жумушчу органга жүктөлгөн функцияларды аткаруу үчүн зарыл болгон башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга.

■ Тандоо

ЖЕТИ ӨЛЧӨНҮП – БИР КЕСИЛДИ

Ош шаарындагы П.Жапаров атындагы мектептеги №5286 шайлоо участкасы 28-ноябрда шайлоо күнү эртең мененки саат 8.00дө шайлоочуларга эшигин ачты. КРнын гимни ойнолуп бүткөн соң ошол аймактын карыясы саясий өнөктүктүн тынч өтүшүнө батасын берди. Аталган шайлоо участкасында 2061 шайлоочу катталган. Шайлоонун тынч жана калыс өтүшүн көзөмөлдөгөн бир мандаттуу округдардын жана саясий партиялардын байкоочулары шайлоонун башталышынан тартып, аягына чейин көз салып турушту.

“Анар” кичирайонунун тургуну Чынара МАТИЕВА:

- Шайлоо тынч жана таза өттү. Адамдар өзү каалаган партияга, андагы өзү тандаган талапкерге добуштарын беришти. Мурункудай шайлоо участкасынын алдында топтолушуп тургандар жок, артыңдан ээрчип алып “муну шайла...” деп суранган эч кимди көргөнүм жок. Тыптынч шайлоо болду. Ар ким өз ыктыяры менен келип добушун берип жатышканы мени кубандырды. Өзүмдүн жарандык милдетимди аткарып, өз добушумду да татыктуу деген талапкерге бердим.

Байкоочу Гүлмайрам КАМАЛОВА:

- Бул жолу шайлоо тынч өттү. Эч кандай мыйзам бузууларды байкаганым жок. Айрым адамдар бюллетенди жакшы түшүнө албай жатышты. Талапкерлердин аты-жөнү жазылган нускаманы баары эле туура пайдаланды дегенден алысмын. Бул боюнча түшүндүрүү иштери дурус болбой калган. Башка кемчиликтер болгон жок го дейм.

Байкоочу Айчүрөк САТЫБАЛДЫЕВА:

- Биз шайлоо башталгандан тарта кылдат байкоо жүргүздүк. Ушул маалга чейин эч кандай мыйзам бузуулар болгон жок. Кезекке туруп, ашыкча убактысын коротуп кезек күткөндөр кездешпеди. Эгер кыргызстандыктар өзүбүз шайлоонун таза өтүшүн кааласак, алгач өзүбүздөн баштап активдүүлүгүбүздү көрсөтүшүбүз керек.

“Анар” кичирайонунун жашоочусу Чынара ЭШИМБЕКОВА:

- Менин баамымда ушул шайлоо тарыхта тазалыгы менен калат деп эсептейм. Биринчи жолу адамдар эч кимдин сүрөөсүз эле өз ыктыяры менен келип добуш берип жатканы кубандырды. Эл бара-бара ушуга көнөт. Ушундай тартипке үйрөнөт. Кимдир бирөөлөрдүн тилине кирип, буюртмасын аткарып, арзыбаган акчага алданып, өз тагдырына кайдыгер болбойт деп ишенем. Биз шайлоочулар бир келген укугубузду шылуундарга алдырып жибергенден этият бололу. Элдин саясий көз карашы, аң-сезими жогорулаган сайын коом тазалана баштайт.

Ризван ИСМАИЛОВА

Ысык-Көлдө коомчулук 28-ноябрдагы КРнын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо ат салышкан саясий партиялар менен талапкерлерге “Бириңерден бириң эр, депутат болчу кимиңер?!” кыязында аяр көз салып турду. Ар бир партия, талапкер өз мүмкүнчүлүктөрүнө, деңгээлдерине, аймактардагы кадыр-барктарына жараша эл ишенимине ээ болушту.

Ысык-Көл облустук ардагерлер кеңешинин төрагасынын орун басары Турганбек ДЫЛДАЕВ:

- Ооба, бул жолку шайлоо өнөктүгү жаңы Конституциянын талаптарындагы мыйзамдарга ылайык, өзгөчө шарттарда өттү. Мамлекет башчысы тарабынан коюлган катуу талаптар буга чейин өлкөбүздө болуп келген административдик ресурстарды пайдалануу жана добуштарды сатуу-сатып алууга ишенимдүү бөгөт койду. Облустагы №34 Жети-Өгүз, №35 Ак-Суу жана №36 Ысык-Көл бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча 3 мандат үчүн 39 талапкер, ошондой эле шайлоого катышкан 21 саясий партия жана алардын талапкерлери катышты. Биз шайлоо алдында жана добуш берүү күнүндө өрөөндөгү ар бир район, шаарлардагы ардагерлер кеңештеринин төрагалары менен тынымсыз байланышта болуп, кырдаалга сереп салып турдук. Бардык чөлкөмдөрдө саясий өнөктүк мыйзам алкагында, замандаштарыбыздын өз эрктери менен өткөндүгүн ишенимдүү айта алам. Албетте, кандай гана атаандаштык болбосун, анда жеңүүчүлөр жана жеңилгендер болот. Ошондуктан, марага жетпей калгандар элдин эркине баш ийип, жеңилүү ызасын моюндарына алуулары зарыл деп ойлойм.

Кыдыр аке атындагы Ак-Суу райондук мамлекеттик тарыхый-аймак таануу музейинин директору Макен МАЛАБЕКОВ:

- Өлкөнүн жакынкы беш жылдагы тагдыры бул жолку шайлануучу парламентке байланыштуу экени талашсыз. Быйылкы шайлоо процесси өзгөчө талап-шарттарда өтүүдө. Мурдагы шайлоолордогудай “каруселдерге”, бюллетендерди “таңгактап салууга”, добуштарды сатып алууга жана эң негизгиси – административдик ресурстарды колдонууга катуу бөгөт коюлуп, “Бир шайлоочу – бир добуш” принциби сакталды.

Баарынан кубанычтуусу – мугалимдер менен дарыгерлер, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер мурдагыдай тартылган жок! Ырас, талапкерлердин арасында аты-жөндөрү таанышталдын да, Жогорку Кеңештин сессияларында “балык” болуп келген айрымдардын да ысымдары кездешет. Бирок, “Кыздын сыры – төркүнгө маалым” дегендей, алардын буга чейинки “ишмердүүлүктөрү” аркылуу кимдин ким экени коомчулукка алаканга салгандай эле айкын. Дагы бир өзгөчө маани берүүчү маселе – кезегинде колдорун өлкөнүн Баш мыйзамына коюп мамлекеттин, элдин кызыкчылыгында баш көтөрбөй иштөөгө ант беришип, мамлекеттик жогорку бийлик органдарында “эки тизгин, бир чылбырды” колго алышкан айрым чиновниктер кызматтарын таштап, депутаттыкка аттангандары көпчүлүктүн кыжырын келтирүүдө.

Менин жеке көз карашымда бул ирет өлкө жарандары буга чейинки шайлоолордогудай элден уурдалган утурумдук акчага, “самопал” арак менен арам этке, куру убадалар менен бийик ураан-чакырыктарга алданбастан, ата-бабаларыбыздын: “Жети өлчөп – бир кес!” деген нуска сөзүн туу тутуп, жүрөк чакырыктарына абай салуу менен татыктуунун татыктуусун тандады деп бекем ишенем. Эң негизгиси – ушул жолку тандоодо чындап элим-жерим, Мекеним деп күйгөн, өлкө келечеги үчүн түйшүк тартып, ичкен ашын жерге койгон, чыныгы мекенчил замандаштар депутаттык мандатка ээ болуп, мекенибиздин багын ачса экен.

Эгемберди САДАБАЕВ

Таласта шайлоонун жүрүшү жалпы жонунан тынч өттү. Күндүн экинчи жарымына чейин добуш бергендер шайлоочулардын 20 пайызга жакынын түздү. Байкоочулар жана шайлоочулар бул жолу мурдагы шайлоолордон алда канча айырма болгонун белгилешти. Алар мамлекеттик жетекчилер, кызматкерлер, мугалимдер, дарыгерлер эч кимиси добуш берүүгө таасир кылышпагандыгын белгилешти. Талас облусунда 162 миң шайлоочу катталган.

Шамалбек ЖОЛДОШАЛИЕВ:

- Баамымда добуш берүү жайбаракат жүрдү. Элдин шайлоого өтө аз келүүсү өкүнүчтүү. Кайдыгерлик болбош керек. Мындай маанилүү күндө ар бир шайлоочу мамлекет алдында атуулдук милдетин аткаруусу шарт. Мурда шайлоочуларды машина менен ташып келип тизип коюшчу. Бул жолу андай болгон жок. Башкысы – таза, тынч шайлоо өттү.

Күлайда АБЫЛАЕВА:

- Эртеңки күнүбүздү тандап жатабыз. Ошондуктан, кайдыгер карабай шайлоого катышуу ар бир адамдын атуулдук милдети. Шайлоого катышпай коюуну мамлекеттин эртеңкисине кайдыгер карагандык деп түшүнөм. Ал эми шайлоонун жүрүшү боюнча айтсам, шайлоо таза өттү. Мурунку шайлоолор сыяктуу “буга добуш бер” деп шайлоо участкасынын алдынан тосуп алган адамдар болгон жок.

Керим НИЯЗБЕКОВ:

- Мурдагы шайлоолордо ызы-чуу, опур-топур болуп кетчү. Бул саам “ага эмес, буга салып койчу” дегендер жок тынч шайлап кете бердик. Чынын айтыш керек. Мурда “акча берем” деп тигил бурчта, бул бурчта эл үймөлөктөп ары-бери жетелешип басып эле топурай беришчү. Мында бардык мыйзамсыз иштерге катуу тыюу салынгандыктан зымга тизгендей бир жол менен кирип, добуш берип кайра чыгып кетип жатышты.

Сейиткул ДООЛБЕКОВ:

- Бир дагы добуш сатып алуу болгон жок. Маанайым жакшы. Көрсө ушинтип тынч, таза шайлоо өткөрсө болот тура. Баары эле тынч олтурат. “Буга добуш бер” деп эч ким басып келген жок. Үгүтчүлөр үгүт иштери аяктаганча деле үгүтүн тынч жүргүзүштү. Өткөн шайлоолордо жик-жикке, топ-топко бөлүнүп, эл ичи бытыранды болуп кетчү. Бул жолу андайга жол берилбеди.

Таалай САРИЕВ:

- Эртеден бери байкоочу болуп олтурдук. Эч кандай мыйзам бузуу болгон жок. Бул шайлоо участкада ондой байкоочу баарыбыз тыкыр көз салдык. Сыртта үгүтчүлөр турчу эле, алар деле көрүнбөдү. Өкүнүчтүүсү эл шайлоого өтө аз келди.

Салика АБДИЕВА

Өрнөктүү инсан

ӨМҮРҮН БИЛИМГЕ АРНАГАН ӨЗБЕК АБДЫЛДАЕВ

Ардактуу агай, чыгаан педагог, даанышман устат, камкор ата, иш билги жетекчи, кесипкөй талант! Айтор, мынча көп сыймыкты көтөрүп жүргөн, өмүрүн жалаң бир жерге байлап, бир кесипке арнаган адамдар чанда кездешет. Ошол чанда кездешкендердин катарына кирген улуу адамдын арбагына таазим этип, ошол улуу адам тууралуу учкай кеп козгоону туура көрдүк. Окурманга түшүнүктүү болушу үчүн алгы кепти ал кишинин өмүр баянынан баштап, андан соң калганына өткөнүбүз оң болор.

Өзбек Абдылдаев 1941-жылы 16-январда Ысык-Көлдүн тескейиндеги Жети-Өгүз районунун Ичке-Булуң айылында (учурдагы аты Коңурат) туулган. Ушул жылдын жай айында Улуу Ата Мекендик согуш башталып, атасы Шаршенбиев Абдылда алгачкы чакырык алгандардын катарында кан күйгөн казатка аттанып кеткен. Согуш бүткөндөн кийин 1945-жылы айылына кайтып келип, колхоздо белдүү кызматтарды аркалаган.

Өзбек Абдылдаев башталгыч классты өзү туулган айылдан окуп, андан соң Барскоон айылындагы мектеп-интернатта билимин уланткан. Согуш учурундагы чарбаны калыбына келтирүү жылдарындагы катаал шарттарды көрүп, кенедейинен турмушка бышып чоңойгон зирек бала мектеп-интернатты 1957-жылы алтын медаль менен бүтүрүп, 1958-жылы Фрунзе (Бишкек) шаарындагы М.Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайдын хор дирижёрлугу бөлүмүнө тапшырган. Ушул жылы Москва шаарында өткөн Кыргыз искусствосунун жана адабиятынын II декадасына катышкан.

1962-жылы бул окуу жайды бүтүп, Е.Ф.Гнесин атындагы Москва мамлекеттик музыкалык-педагогикалык институтуна (учурда Россия музыкалык академиясы) тапшырып, 1968-жылы институтту хор дирижёру адистигинде аяктаган.

Ушул жылдан тартып ал кездеги Кыргыз мамлекеттик искусство институту – учурдагы Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинде эмгектенип келди.

“Дарак бир жерден көгөрөт” деген макалдын сыңары Өзбек агай өмүрүнүн соңуна чейин жогоруда аталган окуу жайда эмгектенип, катардагы окутуучулуктан баштап, хор дирижёрлугу кафедрасынын башчысы (1971-1978-жылдары), маданий-агартуу иштери (азыркы социалдык-маданий ишмердиги) факультетинин деканы (1989-1992-жылдары), оркестр жана хор дирижёрлугу (азыркы музыка) факультетинин деканы (1992-1994-жылдары), 1994-2014-жылдары окуу жайдын окуу иштери боюнча проректору, 1998-жылдан көзү өткөнгө чейин музыка мугалими кафедрасынын башчысы кызматтарына чейин көтөрүлдү. Ак эмгектин акыбети кайтып, доцент (1989-жылы), профессор (1994-жылы) окумуштуулук даражаларын, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер ардак наамын (1995-жылы), Даңк медалын алды. Жүздөгөн эл артисттерин, эмгек сиңирген артисттерди, маданиятка эмгек сиңирген ишмерлерди, музыкалык, маданий окуу жайлардын жетекчилерин, доцент, профессорлорду, музыка мугалимдерин, музыка таануучуларды, хормейстерлерди, дирижёрлорду окутуп, камкор агай, чыгаан устат аталды.

Ошол эле учурда бул окуу жайда иштөө менен бирге Кыргыз улуттук телерадио корпорациясынын (учурда КТРК) камералык хорун түптөөгө активдүү катышты. Проректор кызматын аркалап турганда окуу-усулдук бирикменин төрагасы катары окуу жайдын планын жаңычыл форматта түзүүгө, жыйырмадан ашуун мамлекеттик билим берүү стандартын иштеп чыгууга зор салым кошту. Жөн эле сабак берүү менен чектелбей, кыргыз тилдүү орто мектептер үчүн музыка сабагына окуу китептерин, хрестоматияларды, музыкалык окуу жайлардын хор дирижёрлугу бөлүмдөрү үчүн кыргызча колдонмо материалдарды түзүп, басмадан чыгарды.

Өзбек Абдылдаевди биз, жалпы жамаат “окуу жайдын энциклопедиясы” атаар элек. Себеп дегенде окуу жай түптөлгөндөн (1967-жылы ачылган) бир жылдан кийин келип кирип, өмүрүнүн акырына чейин иштеп, нечендеген залкар өнөрпоздор, педагогдор менен кесиптеш болду, эчендеген студенттерди тарбиялады. Айталы, окуу жайдын учурдагы ректору Мамашарип Чотоновдон баштап, өзүнүн көздөй шакирти, музыка мугалими кафедрасынын башчысы Арстанбек уулу Асылбекке чейинки бардык проректорлор, декандар, кафедра башчылары, профессор-окутуучулар ушул кишинин көз алдында чоңойдук. Окуу жайдын басып өткөн тарыхы менен бул кишинин тарыхы да тамырлаш, киндиктеш эле.

Жогоруда учкай козгоп өткөн кепти тереңдетип улайлычы. Өзбек агай иштеп турган учурда айрыкча өзү аяктаган адистик хор дирижёрлорун окуу жайдын базасында даярдоо өтө оор түйшүктү талап кылып келген. Ошол түйшүктөрдүн бири – тил маселеси жана улуттук музыканы окутуу болгон. Себеби, ал кезде окуу куралдарынын, адабияттардын, усулдук колдонмолордун баары орус тилинде жазылып, көпчүлүгүнө чет элдик композитор-музыканттардын чыгармалары кирген. Мындан улам кыргыз тилдүү мектептерден келген балдар бул адистиктен жаа бою качып, кыргыз дирижёрлорун, хормейстерлерин даярдоо азапка түшүп турган. Дал ушул маселелерди эске алган Өзбек Абдылдаев советтик режимдин ал кездеги талаптарына карабай өз өмүрүн тобокелге салып, кыргыз тилиндеги бир нече окуу куралын жазып, басмадан чыгарткан. Мунун арты менен хор дирижёру, хормейстер адистигине кыргыз балдар-кыздар да тартыла баштаган.

Аны менен бирге кыргыз тилдүү орто мектептердин 2-3-4-5-6-7-класстары үчүн музыка китебин, музыка мугалимдери үчүн усулдук колдонмолорду, музыкалык чыгармалардан (пьесалардан, ырлардан) түзүлгөн китептерди жарыкка чыгарган.

Мектептерде кесипкөй музыка мугалимдери жоктугуна тынчсызданган агай өзү иштеген окуу жайдын алдына атайын музыка мугалими кафедрасын уюштуруп, мектептерди музыка мугалимдери менен камсыздоого зор эмгек сиңирди. Башта учкай эскергендей, ал кафедраны көзү өткөнчө өзү жетектеп келди.

Агайдын биздин окуу жайга, дегеле өлкөнүн маданиятына сиңирген эмгеги өтө зор. Гезит бетинин чектелүү экенин эске алып, учкай гана эскерип өттүк. Агайдын жасап кеткен иштери, калтырып кеткен мурастары биз үчүн да, бизден кийинки муундар үчүн да зор үлгү болуп кала берерине терең ишенебиз.

Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин эмгек жамааты

КИТЕПТЕРИ:

- 3-класс үчүн окуу китеби (Фрунзе, Мектеп 1977-ж.);
- 4-класс үчүн нота хрестоматиясы жана мугалимдер үчүн методикалык шилтемеси (Ф.ш. 1978-ж.);
- “Хор дирижёрлугу” хрестоматиясы (1996-ж.);
- Методикалык көрсөтмөлөрү менен жогорку жана орто музыкалык педагогикалык окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы: 1-китеп Б.ш. 2013-жыл; 2-китеп Б.ш. 2014-жыл; 3-китеп Б.ш. 2015-жыл; 4-китеп Б.ш. 2016-жыл;
- “Кыскача музыкалык сөздүк” (Б.ш. 2017-ж.);
- XX кылымдагы немец композитору Карл Орфтун “Кармина Бурана” аттуу кантатасына жасалган музыкалык-теориялык жана вокалдык-хордук талдоосу” (Бишкек ш. 2021-ж.). Хор дирижёрлугу адистигинин окуу программасына ылайыкталып түзүлгөн бул музыкалык-теориялык жана вокалдык-хордук талдоо, XX кылымдагы немец композитору Карл Орфтун «Кармина Бурана» кантатасы боюнча жүргүзүлгөн. Ошондой эле композитордун өмүрү жана чыгармачылыгы боюнча кыскача маалыматтар берилген. Бул усулдук окуу куралы музыкалык, маданият жана искусство тармагында орто жана жогорку, ошондой эле музыкалык педагогикалык окуу жайлардын студенттерине арналган.
- “XVIII кылымдагы италия композитору Джованни Баттиста Перголезинин “Азалуу эне турат” аттуу кантатасына жасалган музыкалык-теориялык жана вокалдык талдоосу” (Бишкек ш. 2021-ж.). Бул усулдук колдонмо XVIII кылымдагы италиялык композитор Дж.Б.Перголезинин өмүрү жана чыгармачылыгы, ошондой эле Барокко заманындагы хор музыкасынын негизги жанрлары боюнча кыскача маалыматтар берилген. Ошону менен бирге бул кантатанын жазалышы жана ал боюнча музыкалык теориялык жана вокалдык хордук талдоолорду камтыган. Бул усулдук колдонмо музыкалык, маданият жана искусство тармагындагы орто жана жогорку, музыкалык педагогикалык окуу жайлардын студенттерине арналган.
- Кыргыз Республикасындагы өздүк көркөм чыгармачылык - 1996-ж. 112 бет.
- Хор дирижёрлугу (Хрестоматия, методикалык көрсөтмөлөрү менен). Окуу куралы: 1-китеп. 2013-ж. 196 бет.
- Хор дирижёрлугу (Хрестоматия методикалык көрсөтмөлөрү менен). Окуу куралы: 2-китеп. 2014-ж. 236 бет.
- Абдылдаев Ө., Тиленчиев К., Хор дирижёрлугу (Хрестоматия, методикалык көрсөтмөлөрү менен): Окуу куралы 3-китеп. 2015-ж. 184 бет.
- Хор дирижёрлугу (Хрестоматия, методикалык көрсөтмөлөрү менен). Окуу куралы: 4-китеп. 2016-ж. 240 бет.
- Кыскача музыкалык сөздүк (Окуу куралы). 2016-ж. 120 бет.
- Хор дирижёрлугуна окутуунун кээ бир маселелери. 2017-ж. 96 бет.
- Хор музыкасындагы месса жана реквием. 2018-ж. 62 бет.
- XX кылымдагы немец композитору Карл Орфтун “Кармина Бурана” кантатасы: музыкалык-теориялык жана вокалдык-хордук талдоо. 2021-ж. 60 бет.
- Джованни Баттиста Перголезинин “Stabat Mater Dolorosa” - “Азалуу эне турат” кантатасына музыкалык-теориялык жана вокалдык-хордук талдоо. 2021-ж. 32 бет.

Иши тазаны ийгилик коштойт

Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинин директору Нурдин КАГАЗДИЕВ:

“КАЛК КАМЫ ЧЕЧКИНДҮҮ КАДАМДАРДЫ ТАЛАП КЫЛУУДА”

Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти өлкөбүздүн бүткүл аймагында дары каражаттары менен медициналык буюмдардын жүгүртүүсүн жөнгө салуучу мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган болуп эсептелет. Тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын аймагына сырттан ташылып келип жаткан жана өзүбүздө өндүрүлүүчү бардык дары каражаттар менен медициналык буюмдарды каттоого алып, алардын коопсуздугуна жана сапатына баа берет. Аталган мекеменин учурдагы ишмердиги тууралуу маалымат алуу максатында департаменттин директору Кагаздиев Нурдин Маратбековичке кайрылдык.

- Нурдин Маратбекович, сиз жетектеген ишкананын ишмердиги тууралуу кыскача айтып берсеңиз?

- Биздин өлкөдө юридикалык жана жеке жактардын фармацевтикалык ишмердиги “Дары каражаттарын жүгүртүү жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын талаптарына ылайык лицензия алуунун негизинде жүргүзүлөт. Фармацевтикалык ишмердик жүргүзүүгө лицензияларды Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги берет. Ал эми биздин департамент лицензиялануучу объектилердин экспертизасын уюштуруу боюнча министрликтин жумушчу органы болуп саналат.

- Лицензия берүү чечими кандай тартипте кабыл алынат?

- Лицензия берүү чечимин Саламаттыкты сактоо министрлигинин лицензиялык комиссиясы өзүнүн ар айда бир жолу өтүүчү отурумунда кабыл алат. Лицензияларга министрдин орун басары тарабынан кол коюлат жана алар өтүнүч берилген күндөн тарта үч ай аралыгында чексиз мөөнөткө берилет.

- Нурдин Маратбекович, фармацевтикалык бизнес биздин өлкөдө кеңири кулач жайгандыгын кадам сайын кездешкен дарыканалардан улам баамдоого болот. Азыр республикабызда канча дарыкана бар, айтып берсеңиз?

- Саламаттыкты сактоо министрлигинин соңку маалыматы боюнча 2021-жылдын 30-сентябрына карата республикабызда 3485 фармацевтикалык уюм, 829 дарыкана, 1972 дарыкана пункту, саламаттыкты сактоо бөлүмдөрүнүн 37 дарыканасы, 388 дарыкана кампасы, 47 фармацевтикалык-өндүрүш уюмдары ишмердик жүргүзүүдө.

- Өлкөдө колдонулуп жаткан дары-дармектердин баары мамлекеттик каттоодон өткөн деп айта аласызбы?

- Республикабыздагы дарыканаларда жеке рецепт боюнча жасалган жана гуманитардык багыт боюнча келген бардык дары-дармектер мамлекеттик көзөмөлгө алынат. “Дары каражаттарын жүгүртүү жөнүндө” жана “Медициналык буюмдарды жүгүртүү жөнүндө” КР мыйзамдарына ылайык, дары каражаттары жана медициналык буюмдар (эгерде алар мамлекеттик каттоо жол-жобосунан өткөрүлсө) Кыргыз Республикасынын аймагына алып келинет, өндүрүлөт, сатылат жана пайдаланылат.

Дарыларды мамлекеттик каттоо КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-августундагы №405 токтомуна ылайык департаменттин дары каражаттарын каттоо жана медициналык буюмдарды каттоо башкармалыгы тарабынан жүргүзүлөт.

Адистештирилген экспертизалардын корутундуларынын жыйынтыктары боюнча өзүнчө чечимдер кабыл алынат. Дары каражаттарын сыноолордун атайын ыкмаларын колдонуу менен корутундуларды жана сыноо протоколун лаборатория даярдайт. Берилген бардык үч корутунду жарактуу деп табылганда гана өлкөдө дары каражатын колдонууга уруксат берүү жөнүндө департаменттин буйругу даярдалат жана өтүнүч ээсине беш жылдык мөөнөткө каттоо күбөлүгү тапшырылат. Дары каражатына каттоо номери ыйгарылуу менен Кыргыз Республикасындагы дары каражаттарынын мамлекеттик реестрине киргизилет. Реестрдин даана тактыгын камсыздоо максатында ал департаменттин www.pharm.kg расмий сайтына жайгаштырылган. Кимдер кааласа ушул сайттан керектүү маалыматты ала алышат.

- Борбордук көзөмөлдөөчү аналитикалык лабораториянын жабдуулары жөнүндө айта кетсеңиз, анализ жүргүзүүгө мүмкүнчүлүктөр жетиштүүбү?

- Албетте, каттоого алынуучу дары каражаттарын заманбап приборлор жана жабдууларсыз сыноолордон өткөрүү мүмкүн эмес. Андыктан, департаменттин Борбордук көзөмөлдөөчү аналитикалык лабораториясы (БКАЛ - ред.) алар менен толук кандуу жабдылган. Лабораториянын техникалык мүмкүнчүлүктөрүн чыңдоо, ошондой эле анализ жүргүзүүнүн заманбап фармацевттик ыкмаларын өздөштүрүү максатында 2019-жылы 35 миллион сомго жакын каражатка сынактык негизде жаңы заманбап, жогорку сезгич приборлор менен жабдуулар сатылып алынган. Бул каражаттын 8 миллион сому департаменттин түштүк филиалынын көзөмөлдөөчү-аналитикалык лабораториясын жабдууга жумшалган. Натыйжада, биздин БКАЛ учурда дары-дармектердин жана медициналык жасалгалардын бардык деңгээлдеги түрлөрүн сыноолордон өткөрө алат.

Мисалы, ЕАЭБге кошулуу мүмкүнчүлүгүнүн алкагында Россия Федерациясынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда техникалык көмөктөшүү боюнча Макулдашууга ылайык, 2019-жылдын 7-ноябрында 211 712 844,42 рубль (245 586 900 сом) суммасында БКАЛды жабдуу жөнүндө №208 мамлекеттик контрактка кол коюлган.

Контрактка ылайык, 2020-жылдын ноябрында дары каражаттарын жана медициналык техникаларды сыноодон өткөрүү үчүн лабораториялык приборлор менен жабдуулардын 83 позициядан турган түрү алынып келинди. Натыйжада БКАЛдын инфратүзүмү кыйла жакшырып, лаборатория өзүнүн техникалык мүмкүнчүлүгүн чыңдай алды.

- Контрабандалык жол менен ташылып келген дары-дармектердин сапатына ким жооп берет?

- Кампалар менен дарыканаларда сапаттуу гана медикаменттердин болушун Департаменттин фармацевтикалык инспекциясы көзөмөлдөйт. Сапатсыз жана сертификаты жок дары каражаттары табылган учурларда эреже талаптарын бузуучуларга чукул тартипте административдик чаралар көрүлөт. Чынында контрабандалык жол менен келип жаткан дары каражаттары биз үчүн чоң көйгөйлөрдүн бири. Бул жагдай биринчи кезекте жарандарыбыздын ден соолугуна жана өмүрүнө коркунуч жаратат. Ошондуктан, дары каражаттарын белгиленбеген орундардагы сатууларды жок кылуу, өлкөгө дарыларды контрабандалык ташып келүүлөрдүн алдын алуу максатында Бишкек шаардык мэриясы, Ички иштер башкармалыгы, Мамлекеттик бажы кызматы менен иш-чаралардын биргелешкен планы түзүлгөн. Ага ылайык, Бишкек шаарында жана Чүй облусунун аймагында дары каражаттарын көчө бойлорунда мыйзамсыз сатууларга каршы биргелешкен рейддик текшерүүлөр өткөрүлүп турат.

- Жакында баасы кыйла арзандатылган бир катар дары-дармектердин тизмесин жарыяладыңыздар. Негизи дары-дармектердин баасы кандай негизде аныкталат?

- Учурда дары каражаттарынын бааларын жөнгө салуу тартибин аныктоочу ченемдик-укуктук акты болуп “Кыргыз Республикасында дары каражаттарына бааларды жөнгө салуунун Убактылуу эрежелерин бекитүү жөнүндө” 2019-жылдын 29-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №579 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 28-июлундагы №91 токтому эсептелет. Көрсөтүлгөн эрежелердеги баалар милдеттүү медициналык камсыздандыруунун Кошумча программасы жана Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча төлөнүүчү жана коронавирус инфекциясын дарылоого колдонулуучу дары каражаттарына жайылтылат.

Эске сала кетсем, дары каражаттарына бааларды жөнгө салуу боюнча мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруу жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасы К.К.Ташиевдин 2021-жылдын 15-октябрындагы №30-16 протоколдук тапшырмасын аткаруу максатында курамына УКМК, КР Саламаттыкты сактоо министрлиги, Монополияга каршы жөнгө салуу агенттиги кирген Ведомстволор аралык комиссия дары каражаттарына бааларды жөнгө салуу боюнча масштабдуу иштерди жүргүздү. Анын негизги максаты – калк үчүн дары каражаттарынын баасын арзандатууну камсыздоону көздөдү.

Жогоруда аталган токтомду ишке ашыруу максатында департамент бааларды каттоо боюнча арыздарды кабыл алуу жумуштарын улантууда. Бүгүнкү күндө 308 аталыштагы дары каражаттарынын баасы каттоого алынды. Бекитилген баалар департаменттин www.pharm.kg расмий сайтына жайгаштырылды, өтүнүчтөрдүн түшүүсүнө жараша дүң жана чекене бааларынын чегин көрсөтүү менен катталган дары каражаттарынын тизмеси кеңейе берет. Баа чектеринин сакталышына мамлекеттик көзөмөл монополияга каршы орган тарабынан жүргүзүлүп турат.

- Бааларды жөнгө салынышы кандай негизде жүзөгө ашырылат?

- Бааларды жөнгө салуунун тартибин, ачыктыгын, ошондой эле калктын жана фармацевтикалык компаниялардын маалымат алуу мүмкүнчүлүктөрүн камсыздоо үчүн баалардын электрондук каталогу иштелип чыкты. Ал дары каражаттары жана медициналык буюмдардын улуттук электрондук маалымат базасына киргизилди. Дүң жана чекене баалар менен катталган дары каражаттары боюнча маалымат биздин департаменттин (http://www.pharm.kg/ru/price regulation/), ошондой эле электрондук маалымат базасына http://www.ndb.med.kg шилтемеси боюнча жайгаштырылган (Таанышуу үчүн “коргоо кодун” киргизүү жана “дарылардын баалары” кнопкасын басуу керек). Катталган баалардын чеги көрсөтүлгөн эрежелерге ылайык, дары каражаттарын дүңүнөн сатуу менен алектенген фармацевтикалык уюмдар үчүн 30 календардык күндүн, ал эми дары каражаттарын чекене сатуучу уюмдар үчүн катталган учурдан тарта 45 күндүн ичинде күчүнө кирет.

Дары-дармектердин коопсуздугуна көзөмөлдү жакшыртуу максатында жарандардын кайрылууларын кабыл алуу үчүн департаменттин сайтында “ыкчам байланыш” уюштурулган. Ошондой эле дары каражаттарынын күтүлбөгөн терс таасири тууралуу маалымдоо үчүн онлайн система киргизилди.

Биздин департамент 2012-жылдын сентябрь айынан бери тышкы соода жүргүзүү боюнча “бирдиктүү терезе” системасынын катышуучусу болуп саналат. Биздин ишмердигибизге тиешелүү бардык маалыматтар интернеттин жардамы аркылуу алмашылып турат. Ошондой эле “бирдиктүү терезенин” жардамы астында дары-дармектердин сапатын, коопсуздугун текшерип берүүгө өтүнүчтөр онлайн режиминде кабыл алынат.

- Дары каражаттарынын кыймылын көзөмөлдөө аракеттери туурасында да маалымат кошумчалай кетпейсизби?

- Ушул тапта департамент тарабынан дары каражаттарынын жана медициналык жасалгалардын электрондук базасын (ЭМБ) түзүү Концепциясы жүзөгө ашырылууда. ЭМБ Кыргыз Республикасында дары каражаттарын импорттоочулар менен жергиликтүү өндүрүүчүлөрдөн керектөөчүгө чейинки кыймылын көзөмөлдөөнү камсыздайт. Долбоор үч этаптан турат. Учурда биринчи этабы өздөштүрүлдү. Дүйнөлүк банк тарабынан каржыланган жумуштарды түркиялык “TC Health Information Technology” компания ишке ашырды.

ЭМБнын экинчи этабын жүзөгө ашыруу үчүн КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 7-июлундагы №84-р буйругу менен республикалык бюджеттин эсебинен 60 миллион сом бөлүндү.

Ал эми дары каражаттарынын жана медициналык техникалардын кыймылын көзөмөлдөө системасын өздөштүрүү процессин тездетүү максатында учурда аны жүзөгө ашыруучулар арасында сынак уюштуруунун даярдык аракеттери көрүлүүдө.

Маектешкен
Шайгүл УРМАТОВА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА («МАМЛЕКЕТТИК САТЫП АЛУУЛАР ЖӨНҮНДӨ», «АКЦИОНЕРДИК КООМДОР ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНА) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2021-жылдын 20-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

«Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2015-ж., №4, 347-ст.) төмөнкүдөй өзгертүүлөр киргизилсин:

1) 14-берененин 2-бөлүгүндө:

а) 6-пунктунда «, анда акчалай түрүндө көрсөтүлүүгө тийиш болгон бардык критерийлердин салмактуулугу» деген сөздөр алып салынсын;

б) 9-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«9) сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн өздөрүнүн наркын, ташууларга жана камсыздандырууга, бажы алымдарын жана салыктарды төлөөгө кетүүчү чыгымдарды жана сатып алуулардын наркына кирүүчү башка чыгымдарды камтууга тийиш болгон баа (улуттук валютада);»;

2) 21-берененин 4-бөлүгүндө:

а) 6-пункт «токтоосуз калыбына келтирүүнү» деген сөздөрдөн кийин «жана оңдоону» деген сөздөр менен толукталсын;

б) бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы 25-пункт менен толукталсын:

«25) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарын жана алардын документтерин даярдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда.»;

3) 24-берененин 4-бөлүгүндө:

а) 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2) кагаз жүзүндөгү формада берилген учурда - кол коюуга укугу бар ыйгарым укуктуу жактардын колу коюлуп, чапталган конвертте;»;

б) 3-пункт «бүтүндүгүн» деген сөздөн кийин «, тууралыгын» деген сөз менен толукталсын;

4) 27^1-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«27^1-берене. Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө демпингге каршы чаралар

1. Мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашырууда берүүчү (подрядчы) тарабынан келишимди аткаруу камсыз кылууга кошумча демпингдик деп таанылбаган минималдуу жол берилген баанын төмөндөтүлгөн суммасына барабар өлчөмдөгү сумманы киргизүү шартында демпингдик бааны сунуштоого жол берилет. Демпингге каршы чаралар 5 000 000 сомдон жогору суммага сатып алууларга (бардык лоттордун жалпы суммасын эске алуу менен) карата колдонулат.

2. Ушул берененин 1-бөлүгүнүн негизинде демпингге каршы чаралар катары киргизилген сумма берүүчүгө (подрядчыга) беш жумушчу күндүн ичинде төмөнкүдөй учурларда кайтарылып берилет:

1) берүүчү (подрядчы) келишим боюнча өз милдеттенмелерин толук жана талаптагыдай аткарганда;

2) форс-мажордук жагдайларга байланыштуу келишим бузулганда.

3. Ушул берененин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун кошпогондо, эгерде берүүчү (подрядчы) келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаса же болбосо талаптагыдай эмес аткарса, демпингге каршы чаралар катары киргизилген сумма ушул берененин 1-бөлүгүнүн негизинде кармалат.»;

5) 35-берененин 4-пунктунда «кыскача» деген сөз «кыска» деген сөзгө алмаштырылсын;

6) 39-берененин аталышында жана текстинде «кыскача» деген сөз тиешелүүлүгүнө жараша «кыска» деген сөзгө алмаштырылсын;

7) 42-берененин 3-бөлүгүндө «кыскача» деген сөз «кыска» деген сөзгө алмаштырылсын.

2-берене

«Акционердик коомдор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., №6, 240-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

54-статьянын 1-пунктунун он экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- аудитордук уюмду жана/же коомдун аудиторун тандоо жана аудитордун кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөнүүчү акынын өлчөмүн аныктоо. Аудитор акционерлердин жылдык чогулушунда бекитилбеген учурда, акционерлердин кезексиз жалпы чогулушун чакырбоо үчүн директорлор кеңешинин компетенциясына аудитордук уюмду жана/же коомдун аудиторун тандоо жана бекитүү боюнча чечимдерди кабыл алуу жана аудитордун кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөнүүчү акынын өлчөмүн аныктоо кирет;».

3-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети үч айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2021-жылдын 29-ноябры, №141

ЖАЗЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮНӨ КАТЫШУУЧУЛАРДЫН УКУКТАРЫН КОРГООНУН АЛКАГЫНДА АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2021-жылдын 20-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

«Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1997-ж., №8, 392-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

2-статья төмөнкүдөй мазмундагы 3-пункт менен толукталсын:

«3. Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды колдонуунун алкагында жарандарды мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу менен камсыз кылуу тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.».

2-берене

«Милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максатында Кыргыз Республикасынын жарандарын жекече (индивидуалдык) эсепке алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., №4, 194-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

7^1-статьянын биринчи бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы бешинчи абзац менен толукталсын:

«- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды колдонуунун алкагында.».

3-берене

«Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-ж., №1, 1-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

10-статья төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү бөлүк менен толукталсын:

«Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды колдонуунун алкагында жарандардын социалдык жактан тейлөөгө болгон укуктарын камсыз кылуу тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.».

4-берене

«Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., №8, 323-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

3-берене төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү бөлүк менен толукталсын:

«Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды колдонууда жарандардын билим алууга болгон укуктарын камсыз кылуунун өзгөчөлүктө-

(Уландысы 11-бетте)

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В ЗАКОНЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ГОСУДАРСТВЕННЫХ ЗАКУПКАХ», «ОБ АКЦИОНЕРНЫХ ОБЩЕСТВАХ»)

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 20 октября 2021 года

Статья 1

Внести в Закон Кыргызской Республики «О государственных закупках» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2015 г., №4, ст. 327) следующие изменения:

1) в части 2 статьи 14:

а) в пункте 6 слова «включая вес этих критериев, которые должны быть выражены в денежной форме,» исключить;

б) пункт 9 изложить в следующей редакции:

«9) цена (в национальной валюте), которая должна включать стоимость самих закупаемых товаров, работ или услуг, расходы на транспортировку и страхование, уплату таможенных пошлин и налогов и другие расходы, входящие в стоимость закупки;»;

2) в части 4 статьи 21:

а) пункт 6 после слов «незамедлительного восстановления» дополнить словами «и ремонта»;

б) часть дополнить пунктом 25 следующего содержания:

«25) приобретения услуг по изготовлению государственных наград Кыргызской Республики и документов к ним.»;

3) в части 4 статьи 24:

а) пункт 2 изложить в следующей редакции:

«2) в случае бумажной формы - в запечатанном конверте и с подписями уполномоченных лиц, имеющих право подписи;»;

б) пункт 3 после слова «целостность» дополнить словом «, достоверность»;

4) статью 27^1 изложить в следующей редакции:

«Статья 27^1. Антидемпинговые меры при проведении государственных закупок

1. При осуществлении государственных закупок допускается представление демпинговой цены при условии внесения поставщиком (подрядчиком) дополнительно к обеспечению исполнения договора суммы в размере, равном сниженной сумме от минимальной допустимой цены, не признаваемой демпинговой. Антидемпинговые меры применяются к закупкам на сумму свыше 5 000 000 сомов (с учетом общей суммы всех лотов).

2. Сумма, внесенная на основании части 1 настоящей статьи в качестве антидемпинговых мер, возвращается поставщику (подрядчику) в течение пяти рабочих дней в случаях:

1) полного и надлежащего исполнения поставщиком (подрядчиком) своих обязательств по договору;

2) расторжения договора в связи с форс-мажорными обстоятельствами.

3. Сумма, внесенная на основании части 1 настоящей статьи в качестве антидемпинговых мер, удерживается в случае, если поставщик (подрядчик) не исполнил либо ненадлежащим образом исполнил свои обязательства по договору, за исключением пункта 2 части 2 настоящей статьи.»;

5) в пункте 4 статьи 35 слово «краткого» заменить словом «короткого»;

6) в наименовании и тексте статьи 39 слова «краткого» и «краткий» заменить соответственно словами «короткого» и «короткий»;

7) в части 3 статьи 42 слово «краткий» заменить словом «короткий».

Статья 2

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об акционерных обществах» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2003 г., №6, ст. 240) следующее изменение:

абзац двенадцатый пункта 1 статьи 54 изложить в следующей редакции:

«- отбор аудиторской организации и/или аудитора общества и определение размера оплаты услуг аудитора. В случае неутверждения аудитора на годовом собрании акционеров к компетенции совета директоров относятся принятие решения по отбору и утверждению аудиторской организации и/или аудитора общества и определение размера оплаты услуг аудитора для исключения созыва внеочередного общего собрания акционеров;».

Статья 3

Настоящий Закон вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

Кабинету Министров Кыргызской Республики в трехмесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

Президент Кыргызской Республики **С.ЖАПАРОВ**

г.Бишкек, 29 ноября 2021 года, №141

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ В РАМКАХ ЗАЩИТЫ ПРАВ УЧАСТНИКОВ УГОЛОВНОГО СУДОПРОИЗВОДСТВА

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 20 октября 2021 года

Статья 1

Внести в Закон Кыргызской Республики «О государственном пенсионном социальном страховании» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1997 г., №8, ст. 392) следующее изменение:

статью 2 дополнить пунктом 3 следующего содержания:

«3. Порядок обеспечения государственного пенсионного социального страхования граждан в рамках применения законодательства в сфере защиты прав участников уголовного судопроизводства определяется Кабинетом Министров Кыргызской Республики.».

Статья 2

Внести в Закон Кыргызской Республики «О персонифицированном (индивидуальном) учете граждан Кыргызской Республики для целей обязательного государственного социального страхования» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1999 г., №4, ст. 194) следующее изменение:

часть первую статьи 7^1 дополнить абзацем пятым следующего содержания:

«- в рамках применения законодательства в сфере защиты прав участников уголовного судопроизводства в порядке, определяемом Кабинетом Министров Кыргызской Республики.».

Статья 3

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об основах социального обслуживания населения в Кыргызской Республике» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2002 г., №1, ст. 1) следующее изменение:

статью 10 дополнить частью третьей следующего содержания:

«Порядок обеспечения права граждан на социальное обслуживание в рамках применения законодательства в сфере защиты прав участников уголовного судопроизводства определяется Кабинетом Министров Кыргызской Республики.».

Статья 4

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об образовании» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2003 г., №8, ст. 323) следующее изменение:

статью 3 дополнить частью третьей следующего содержания:

«Особенности обеспечения права граждан на образование при применении законода-

(Продолжение на 11-ой стр.)

ЖАЗЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮНӨ КАТЫШУУЧУЛАРДЫН УКУКТАРЫН КОРГООНУН АЛКАГЫНДА АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

(Башталышы 10-бетте)

рү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.».

5-берене

«Жарандык абалдын актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына («Эркин-Тоо» газетасы, 2020-жылдын 7-августу, №62) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

5-берене төмөнкүдөй мазмундагы 3^1-бөлүк менен толукталсын:

«3^1. Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды колдонуунун алкагында жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.».

6-берене

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2006-ж., №4, 392-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

6-статья төмөнкүдөй мазмундагы алтынчы бөлүк менен толукталсын:

«Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды колдонуунун алкагында адамдардын эмгек мамилелерин укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.».

7-берене

«Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., №4, 340-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

6-статья төмөнкүдөй мазмундагы 4^1-бөлүк менен толукталсын:

«4^1. Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды колдонуунун алкагында жеке маалыматтар менен иштөөнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.».

8-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирүүчү ушул берененин экинчи абзацын кошпогондо, расмий жарыяланган күндөн тартып алты ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети алты айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2021-жылдын 29-ноябры, №142

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ В РАМКАХ ЗАЩИТЫ ПРАВ УЧАСТНИКОВ УГОЛОВНОГО СУДОПРОИЗВОДСТВА

(Начало на 10-ой стр.)

тельства в сфере защиты прав участников уголовного судопроизводства определяются Кабинетом Министров Кыргызской Республики.».

Статья 5

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об актах гражданского состояния» (газета «Эркин-Тоо» от 7 августа 2020 года №62) следующее изменение:

статью 5 дополнить частью 3^1 следующего содержания:

«3^1. Порядок государственной регистрации актов гражданского состояния в рамках применения законодательства в сфере защиты прав участников уголовного судопроизводства определяется Кабинетом Министров Кыргызской Республики.».

Статья 6

Внести в Трудовой кодекс Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2006 г., №4, ст. 392) следующее изменение:

статью 6 дополнить частью шестой следующего содержания:

«Особенности правового регулирования трудовых отношений лиц в рамках применения законодательства в сфере защиты прав участников уголовного судопроизводства определяются Кабинетом Министров Кыргызской Республики.».

Статья 7

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об информации персонального характера» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2008 г., №4, ст. 340) следующее изменение:

статью 6 дополнить частью 4^1 следующего содержания:

«4^1. Порядок работы с персональными данными в рамках применения законодательства в сфере защиты прав участников уголовного судопроизводства определяется Кабинетом Министров Кыргызской Республики.».

Статья 8

Настоящий Закон вступает в силу по истечении шести месяцев со дня официального опубликования, за исключением абзаца второго настоящей статьи, который вступает в силу со дня официального опубликования.

Кабинету Министров Кыргызской Республики в шестимесячный срок привести свои решения в соответствие с настоящим Законом.

Президент Кыргызской Республики **С.ЖАПАРОВ**

г.Бишкек, 29 ноября 2021 года, №142

АУДИТОРДУК ИШ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2021-жылдын 20-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

«Салык консультанттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., №8, 398-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

2-статьянын 1-бөлүгүндө:

а) 3-пунктунда «аудитордук же» деген сөздөр алып салынсын;

б) 4-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4) Аудиторлордун, аудитордук уюмдардын жана кесиптик аудитордук бирикмелердин мамлекеттик бирдиктүү реестринде катталган аудиторлор жана аудитордук уюмдар.».

2-берене

«Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., №7, 2772-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

19-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Банктын аудити эл аралык аудит стандарттарына ылайык жүзөгө ашырылууга тийиш жана Аудиторлордун, аудитордук уюмдардын жана кесиптик аудитордук бирикмелердин мамлекеттик бирдиктүү реестринде катталган аудитордук уюм тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн.».

3-берене

«Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., №9, 1030-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

15-берененин 53-пункту күчүн жоготту деп таанылсын.

4-берене

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2016-ж., №11, 1183-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 56-берененин 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Улуттук банкка тышкы аудит Кыргыз Республикасындагы Аудиторлордун, аудитордук уюмдардын жана кесиптик аудитордук бирикмелердин мамлекеттик бирдиктүү реестринде (Мамлекеттик бирдиктүү реестр) катталган аудитордук уюм тарабынан да Мамлекеттик бирдиктүү реестрде катталбаган, бирок ушул берененин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн талаптарды канаатандыруучу чет өлкөлүк аудитордук уюм тарабынан да жүргүзүлүшү мүмкүн. Мындай чет өлкөлүк уюмдардын лицензиялары Кыргыз Республикасынын аймагында мындай лицензиянын легитимдүүлүгү ырасталганда таанылат.»;

2) 125-берененин 3-бөлүгүндө «банктардын аудиттик ишин жүзөгө ашыруу укугуна тиешелүү лицензиясы бар» деген сөздөр «Аудиторлордун, аудитордук уюмдардын жана кесиптик аудитордук бирикмелердин мамлекеттик бирдиктүү реестрине киргизилген» деген сөздөргө алмаштырылсын.

5-берене

Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2018-ж., №7-8, 490-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) Кодекс төмөнкүдөй мазмундагы 15^1-глава менен толукталсын:

«15^1-глава. Аудиторлордун, аудитордук уюмдардын жана кесиптик аудитордук бирикмелердин мамлекеттик бирдиктүү реестринде каттаганы, кайра каттаганы үчүн жана Мамлекеттик бирдиктүү реестрди жүргүзүү үчүн алынуучу жыйымдар

54^1-берене. Төлөөчү

Кесиптик аудитордук бирикмелерди кошпогондо, Аудиторлордун, аудитордук уюмдардын жана кесиптик аудитордук бирикмелердин мамлекеттик бирдиктүү реестринде катталууга же кайра катталууга арыз берген жак, ошондой эле Мамлекеттик бирдиктүү реестрде катталган аудитор, аудитордук уюм төлөөчү болуп саналат.

54^2-берене. Жыйымдын өлчөмү жана төлөө тартиби

Жыйымдарды төлөө өлчөмү жана тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.»;

2) 153-берене төмөнкүдөй мазмундагы 19^1-пункт менен толукталсын:

«19^1) Аудиторлордун, аудитордук уюмдардын жана кесиптик аудитордук бирикмелердин мамлекеттик бирдиктүү реестринде аудиторлорду, аудитордук уюмдарды каттаганы, кайра каттаганы үчүн жана Мамлекеттик бирдиктүү реестрди жүргүзгөнү үчүн алынуучу жыйымдар;».

6-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып алты ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2021-жылдын 29-ноябры, №143

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ В СФЕРЕ АУДИТОРСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 20 октября 2021 года

Статья 1

Внести в Закон Кыргызской Республики «О налоговых консультантах» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1999 г., №8, ст. 398) следующие изменения:

в части 1 статьи 2:

а) в пункте 3 слова «аудиторскую или» исключить;

б) пункт 4 изложить в следующей редакции:

«4) аудиторы и аудиторские организации, зарегистрированные в Едином государственном реестре аудиторов, аудиторских организаций и профессиональных аудиторских объединений.».

Статья 2

Внести в Закон Кыргызской Республики «О Государственном банке развития Кыргызской Республики» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2012 г., №7, ст. 2772) следующее изменение:

часть 2 статьи 19 изложить в следующей редакции:

«2. Аудит Банка должен осуществляться в соответствии с международными стандартами аудита и может быть проведен аудиторской организацией, зарегистрированной в Едином государственном реестре аудиторов, аудиторских организаций и профессиональных аудиторских объединений.».

Статья 3

Внести в Закон Кыргызской Республики «О лицензионно-разрешительной системе в Кыргызской Республике» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2013 г., №9, ст. 990) следующее изменение:

пункт 53 статьи 15 признать утратившим силу.

Статья 4

Внести в Закон Кыргызской Республики «О Национальном банке Кыргызской Республики, банках и банковской деятельности» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2016 г., №11, ст. 1183) следующие изменения:

1) часть 3 статьи 56 изложить в следующей редакции:

«3. Внешний аудит Национального банка может быть проведен как аудиторской организацией, зарегистрированной в Едином государственном реестре аудиторов, аудиторских организаций и профессиональных аудиторских объединений (Единый государственный реестр) в Кыргызской Республике, так и иностранной аудиторской организацией, не зарегистрированной в Едином государственном реестре, но удовлетворяющей требованиям, указанным в части 2 настоящей статьи. Лицензии таких иностранных организаций признаются на территории Кыргызской Республики при наличии подтверждения легитимности такой лицензии.»;

2) в части 3 статьи 125 слова «имеющая соответствующую лицензию на право осуществления аудиторской деятельности банков» заменить словами «включенная в Единый государственный реестр аудиторов, аудиторских организаций и профессиональных аудиторских объединений».

Статья 5

Внести в Кодекс Кыргызской Республики о неналоговых доходах (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2018 г., №7-8, ст. 490) следующие изменения:

1) Кодекс дополнить главой 15^1 следующего содержания:

«Глава 15^1. Сборы за регистрацию, перерегистрацию в Едином государственном реестре аудиторов, аудиторских организаций и профессиональных аудиторских объединений и за ведение Единого государственного реестра

Статья 54^1. Плательщик

Плательщиком является лицо, подавшее заявление на регистрацию или перерегистрацию в Едином государственном реестре аудиторов, аудиторских организаций и профессиональных аудиторских объединений, за исключением профессиональных аудиторских объединений, а также аудитор, аудиторская организация, зарегистрированные в Едином государственном реестре.

Статья 54^2. Размер и порядок уплаты

Размер и порядок уплаты сборов определяются Кабинетом Министров Кыргызской Республики.»;

2) статью 153 дополнить пунктом 19^1 следующего содержания:

«19^1) сборы за регистрацию, перерегистрацию аудиторов, аудиторских организаций в Едином государственном реестре аудиторов, аудиторских организаций и профессиональных аудиторских объединений и за ведение Единого государственного реестра;».

Статья 6

Настоящий Закон вступает в силу по истечении шести месяцев со дня официального опубликования.

Президент Кыргызской Республики **С.ЖАПАРОВ**

г.Бишкек, 29 ноября 2021 года, №143

ЖОГОРКУ МЕДИЦИНАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫ БОЮНЧА БИЛИМ БЕРҮҮ ИШИН ЛИЦЕНЗИЯЛООГО УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУНУ (МОРАТОРИЙ) КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Жогорку медициналык билим берүү программаларын ишке ашыруучу жогорку окуу жайларынын санынын кескин өсүшүнөн улам Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү медициналык кадрларды даярдоодо түзүлгөн кырдаалга байланыштуу, медициналык кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. 2022-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 1-январына чейин жогорку медициналык билим берүү программалары боюнча билим берүү ишин лицензиялоого убактылуу тыюу салуу (мораторий) киргизилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги эки айлык мөөнөттө билим берүү ишин лицензиялоо жол-жобосун жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимин долбоорун иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине бекитүүгө киргизсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары,
2021-жылдын 22-ноябры, №273

АВТОТРАНСПОРТ КАРАЖАТЫН МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИККЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында, "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонд 2004-жылы чыгарылган, кузовунун №4T1BE32K24U835277, кыймылдаткычынын көлөмү 2362 см^3, күмүш түстөгү "Тойота Камри" маркасындагы автотранспорт каражатын белгиленген тартипте мамлекеттик менчикке кабыл алсын жана Жалал-Абад облусунун Майлуу-Суу шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүп берсин.

2. Жалал-Абад облусунун Майлуу-Суу шаарынын мэриясына төмөнкүлөр сунушталсын:

- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн автотранспорт каражатын белгиленген тартипте муниципалдык менчикке кабыл алсын жана аны жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын чегинде күтүүнү камсыз кылсын;

- автотранспорт каражатын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык транспорт каражаттарын каттоо органдарында кайра каттоону жүргүзсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыялануууга тийиш жана кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары,
2021-жылдын 24-ноябры, №276

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИНИН КЭЭ БИР МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 425 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмү жана курамы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын түзүмү жөнүндө» Жарлыгына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин башкаруу схемасы 2-тиркемеге ылайык;

3) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча кызматы жөнүндө жобо 3-тиркемеге ылайык;

4) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматы жөнүндө жобо 4-тиркемеге ылайык;

5) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты жана жарандык абалдын актыларын каттоо департаменти жөнүндө жобо 5-тиркемеге ылайык;

6) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Унаа» мамлекеттик мекемеси жөнүндө жобо 6-тиркемеге ылайык;

7) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Инфоком» мамлекеттик ишканасынын уставы 7-тиркемеге ылайык;

8) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Кыргыз почтасы» мамлекеттик ишканасынын уставы 8-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 «Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 5^2-пункту «Инфосистемс» мамлекеттик ишканасына» деген сөздөрдөн кийин «жана Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу мамлекеттик ишканаларга» деген сөздөр менен толукталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1-июнундагы №17 «Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 3-пунктунун 1 жана 2-пунктчалары жана 5-пункту күчүн жоготту деп таанылсын;

- жогоруда аталган токтомдун 1 -8-тиркемелери күчүн жоготту деп таанылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги белгиленген тартипте:

- ушул токтомго ылайык келтирүү максатында ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун бир айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна киргизсин;

- ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары,
2021-жылдын 15-ноябры, №257

КОРРУПЦИЯЛЫК УКУК БУЗУУ ТУУРАЛУУ БИЛДИРГЕН АДАМГА СЫЙ АКЫ ТӨЛӨӨНҮН ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Коррупциялык укук бузуулар тууралуу билдирген адамдарды коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Коррупциялык укук бузуу тууралуу билдирген адамга сый акы төлөөнүн тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 23-ноябры, №274

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИКТИН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 5-ноябрындагы №520 «Мамлекеттик органдардын ишинин кээ бир маселелери жөнүндө» Жарлыгына ылайык, мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик (мындан ары - Агенттик) жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

- Агенттиктин башкаруу схемасы 2-тиркемеге ылайык.

2. Мамлекеттик кызматчыларга эмгек акы төлөөнү жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларга тийиштүү өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин төмөнкүлөр белгиленсин:

- Агенттиктин борбордук аппаратында мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген адамдарга эмгек акы төлөө Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын борбордук аппаратында мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген адамдар үчүн белгиленген эмгек акы төлөө шарттары боюнча ишке ашырылат;

- Агенттиктин аймактык бөлүмдөрүндө мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген адамдарга эмгек акы төлөө Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын аймактык бөлүмдөрүндө мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген адамдар үчүн белгиленген эмгек акы төлөө шарттары боюнча ишке ашырылат.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы №116 «Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрү жана уюмдары жөнүндө» токтомунун 3-пунктунун 4-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 15-ноябры, №258

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

2-Банктык көзөмөл башкармалыгынын 3-Банктык көзөмөл бөлүмүнүн башкы инспектору бош кызмат ордуна талапкерлерди тандоо үчүн АЧЫК СЫНАК ЖАРЫЯЛАЙТ - 1 БИРДИК

Документтер **2021-жылдын 13-декабрында саат 17.00гө** чейин кабыл алынат.

Сынакка катышуу үчүн талапкерлерге карата талаптар, алардын функционалдык милдеттери жана тиешелүү документтердин тизмеси Улуттук банктын **www.nbkr.kg** дареги боюнча сайтында («Ишке кабыл алуу»/ «Бош турган кызмат орундары») жайгаштырылган.

Бардык суроолор боюнча төмөнкү дарек боюнча кайрылууга болот:

- **Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча жайгашкан Улуттук банктын Персонал менен иш алып баруу бөлүмүнүн **№117/1** бөлмөсүнө же **(0312) 61-10-21, (0312) 66-90-18** телефондору аркылуу.

■ Маанилүү маек

Нурзида КАСЫМОВА:

“БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ БАГЫТЫНДА ОРЧУНДУУ ИШТЕР ЖҮРҮҮДӨ”

Билим берүү жана илим министрлигинин мектепке чейинки билим берүү жана мектепке даярдоо башкармалыгынын башчысы Нурзида Касымова менен балдарды өнүктүрүү тууралуу баарлаштык.

- Нурзида Абубакировна айтсаңыз, республикада канча бала бакча иштеп жатат? Акыркы жылдары менчик бала бакчалардын көбөйүү себеби эмнеде?

- Өлкөдө ушу тапта 1648 бала бакча бар, анын 1435и мамлекеттик-муниципалдык, 213ү жеке менчик бала бакчалар. Учурда республика боюнча мектепке чейинки курактагы балдардын саны 1 млн 118 миңден ашык. Ал эми бала бакчага барган балдардын саны 200 миңдей гана. Жалпысынан алганда 22% гана балдар бала бакчаларга барып жатат. 3 жашка чейинки балдардын санын алып салсак, 400 миңге жакын бала бала бакчаларга барышпайт. 2010-жылы 690 бала бакча болсо, 10 жыл аралыгында бир кыйла өстү. Бирок, 1990-жылдары бала бакчалар көп болгон, биз ал деңгээлге али жете элекпиз. 1991-жылдын статистикасы боюнча балдар 31% бала бакчаларга барышчу. Андан бери бир канча бала бакчалар менчикке өтүп кеткен, сатылган, бузулган. Ошентсе да 227 бала бакча кайтарылып алынган, анын 189у иштеп жатат. Бала бакчаларды көбөйтүү максатында жеңилдетүү процесстери менен лицензия берүү мөөнөтсүз болуп калган жана бала бакчаларга салыктар салынбайт. Мурда лицензияны 5 жылга гана беришчү. Өткөн жылдары ӨКМнын өрт өчүрүү жана санэпидкөзөмөл кызматынын актылары жоюлгандан кийин бир канча бала бакчалар ачылып, көбөйүп калганы менен айрым жерлеринде өрт чыгып, тамакка ууланууулар болду. Ушундай окуялардан кийин кайрадан лицензия берүү боюнча токтомго өзгөртүү киргизүү тууралуу убактылуу жобо бекитилип, санэпидемстанциянын жана өрт өчүрүүнүн актысы милдеттүү тапшырыла турган болду.

- Балдарга эрте жашында билим берүү өтө маанилүү эмеспи. Бул жаатта сиздер кандай иш-аракеттерди жүргүзүп жатасыздар?

- Бүгүнкү күнү вариативдүү бала бакчаларды көбөйтүү максатын көздөп жатабыз. Вариативдүү деген – типтүү бала бакча эмес, балдарды өнүктүрүү борборлору, кыска мөөнөттүү курстар, окутуулардын түрдүү варианттары. 2019-жылдан бери Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги менен биргеликте айыл жеринде иштебей туруп калган китепканаларга балдарды өнүктүрүү борборлорун түзүп жатабыз. Ушу күнгө чейин 100 борбор ачылды. Мугалимдин балдарга билим берүү квалификациясын 72 сааттык окутуу курсу менен Билим берүү жана илим министрлиги өткөрүп жатат. Мындай мугалимдерге атайын токтом менен айлыгынын үстүнө үстөк пайыздар кошулду. Балдарды калыптандырууга, ар тараптуу билим берүүгө багытталган иштер жүргүзүлүп жатат.

- Азыр негедир нөлдүк класс кайрадан киргизилди. Балдарды мектепке даярдоо канчалык маанилүү?

- Бала бакчага барган жана барбаган балдардын билим деңгээли бирдей болсун деген максатта 480 сааттык программа киргизилген. Бул программа 2015-жылдан баштап иштейт. Мында бала бакчага барбаган балдар бала бакчада канча жылдап окуган сабакты кыскартылган убакта – бир жылда үйрөнүп бүтүшөт. Ошондо бала бакчага барган да, барбаган да бала 1-класста бирдей деңгээлде окууну башташат. Бул акысыз жүргүзүлөт. Биринчи ачылганда 120 миңдин тегерегинде бала барып жаткан, былтыр 107 миң, быйыл онлайн форматында 101 миң бала тартылды. Ошондо жалпысынан типтүү бала бакчаларга, ар түрдүү окуу борборлоруна, 480 сааттык программанын негизинде нөлдүк класстарга барган балдардын баарын кошкондо мектепке чейинки билим берүү программалары менен камсыздоо 44%га жакындады.

- Бала бакчаларда көп жылдан бери олтурган жетекчилер бар. Кадрларды тандоо кандай жүргүзүлөт?

- Мурун кадрды жумушка алуу ченемдик-укуктук документтерде так көрсөтүлгөн эмес. Ким кааласа – биолог, экономист, математик, финансы менеджери бала бакчада иштей беришчү. 2020-жылы мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу деген мамлекеттик билим берүү стандарты кабыл алынды. Анда так көрсөтүлдү: балдардын жаш курагын билген, квалификациясы биринчи кезекте тарбиячы, ал жетишпесе кайра даярдоодон өткөн мугалимдер кабыл алынат. Азыр 27 жогорку окуу жайларда мектепке чейинки окутуу тармагы үчүн тарбиячыларды окутуп жатышат. Кайра даярдоо дагы ишке киргизилип жатат. Жакынкы жылдары кадрларды 100% мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык келтиребиз. Директорлорду “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын 28-беренесине ылайык райондук билим берүү борборлору дайындайт. Азыр мыйзамдарга инвентаризация болуп жатат. Мисалы, 5-7 жыл бала бакчада иштебеген адам анын директору боло албайт деген норманы киргизип жатабыз. Мурда башка чөйрөдө иштегендер деле директор боло беришкен. Ошол эле учурда райОНОлордун рейтингин аныктоо боюнча критерийлер иштелип чыкты. Аларга өз райондорунда бала бакчалар менен камсыздоо канчалык аткарылды жана квалификациясына баа берилет. Адегенде райОНО башчыларынын ишмердүүлүгү бааланса, кийинки этап менен бала бакча, мектеп директорлорунун иши тескелет. Аны сайттарга чыгарып, атаандаштыкты күчөтөбүз. Ошондо гана сапатка көңүл бурулуп, жакшы жагына өзгөрөт.

Сымбат МАКСУТОВА

■ Айтсаң тилиң ачышат, айтпасаң дилиң ачышат

БАЛАНЫН КАЙСЫ ТИЛДЕ СҮЙЛӨӨРҮН ЭНЕ ЧЕЧЕТ

Баланын келечеги анын ата-энесинин ага карата мамилесине, жоопкерчилигине байланыштуу экенин өз жашоодуздан көрүп келе жатабыз. Өзүбүздүн гана эмес, өлкөнүн да келечеги боло турган перзентибиздин кай жерде жашайт, кимдер менен жашайт, кай жерде окуйт деген маселеде ата-энелердин чыгарган чечимдери жана кеп-кеңештери чоң роль ойнойт эмеспи. Ошону менен катар бала кайсы тилде сүйлөөрүн да өзү чечпейт, мүмкүн чоңойгондо өзү сүйлөгөн тилден башка тилди үйрөнүшү толук ыктымал. Бирок тили чыккандан баштап өспүрүм куракка чейин сүйлөгөн тили анын негизги билген тили катары калыптанып калат.

Ар бир улутту улут катары таанытып турган анын тили. Муну баарыбыз билип турсак да кээ бирөөбүз эмнегедир кайдыгер карайбыз. Жаманды коногу бийлейт болуп, биздин өлкөгө келген чет элдиктердин тилин үйрөнүп, өз эне тилин билбеген түркөй адам катары көрүнүү модага айланып, орсок уй саап калганыбызга бир топ мезгил өттү. Акыркы убакта балдарын кыргыздын улуттук баалуулуктарына сугарып чоңойтуп келе жаткан үй-бүлөлөрдү көрүп жүрөк жылыйт.

Жашоодон алып карасак, кыргыздын чыгаан, тың чыкма уулдары эмнегедир башка улуттун кыздарына үйлөнүп калган учурлар көп. Кайсы улут болбосун жакшы адамга жолугуп, арзышып жүрүп түтүн булаткандарга эч ким каршы деле эмес деңизчи. Бирок кызыгы, ошол кыргыздын чыгаан уулдарынын урпактары эне тилинде сүйлөп жаткандыгы. Ал эми кыргыз кыздар башка улутка турмушка чыкса, алардын балдары эне тилинде эмес, “ата тилинде” сүйлөп жатат да... жок дегенде эки тилди бирдей үйрөнсө болор беле?.. Бул деген биздин тилдин татаалдыгыбы же ушунчалык эле барксыз дегендикпи? Албетте, жок!!! Кыргыз тилиндей кылым карыткан байыркы, көркөм, бай, өнүккөн тилдер саналуу гана экени талашсыз. Кыргыз тилин өнүктүрүү керек деген орунсуз сөздү уккан сайын ичимден кыжаалат боло берем, тилибиз өнүгүүгө муктаж эмес, элибиздин тил билүүсүн өнүктүрүү керек.

Эгерде үйдөн энеси кыргыз тилинде сүйлөбөсө, бала эч качан кыргыз тилин өздөштүрө албайт. Эне кайсы тилде сүйлөсө, бала эрксизден ошол тилде сүйлөйт. Демек, баланын кайсы тилде сүйлөөрүн эне чечет. Деги эле баланын кайсы тилде сүйлөгөнүн эле эмес, жашоодо кандай инсан болуп чыгары да энеге байланыштуу эмеспи. “Энеси жиндинин баласы жинди” деген макал тегин жерден айтылбаган да. Жакшы үрөн жаман жерге түшсө, Кудай жалгап эле бирөө жарымы дандуу болуп калбаса, көбү куурап жоголот эмеспи. Анын сыңарындай, атасы сырттан болсо да эненин ой жүгүртүүсү, аң-сезими, дүйнө таанымы көр тириликтин деңгээлинен өйдөлөй албай турса, көпчүлүк учурда бала энесиндей чыгары бышык. Ошол эле учурда дүйнөлүк деңгээлде ой жүгүртүп, башка тилдерде суудай сүйлөп, эл аралык маселелерди кадимкидей жөнгө салууга чама-чаркы жеткен тың чыкмалардын арасында кыргыз тилин карапайым калкка гана тиешелүүдөй көргөндөр кездешет. Балдарына бешиктен бели чыга электе эле башка тилди үйрөтүп, чет өлкөлүктөрдүн маданиятына сугарып келаткандар да бар. Баласына башка тилди үйрөтүүсүнө каршы деле эмесмин, болгону кыргыздын тукумун кыргыз катары сактап калуу үчүн өз тилин жерибей эле коюшса...Кыргыз тил менен каякка бара алмак элек, келечегинди ойлосоң чет тилдерин үйрөн дегендер да четтен чыгат. Анда бирөөбүз кытай, кээ бирибиз немис тилин, дагы башкабыз англис тилинде гана сайрап ийгиликке жете берели. Убакыт өтүп итибиз чөп жеп турганда ошол эл аралык деңгээлде сүйлөшө келген бирөө “улутуң ким? Тилиңерге кызыгып калдым, үйрөтчү” десе, эне тилде “а” дей албай сакоо сымал чулдурап өкүнгөнүбүз кеч болуп калбас бекен?.. Канткен күндө да укмуш өнүккөн жерге жеткен жерден “үйүбүзгө” кайтар күн бар да, чынбы?.. Илгертен бери ата-тегин билген, улуттук баалуулуктарга астейдил көңүл бурган адамдарды тектүү жерден чыгыптыр деп ызаат көрсөтүшчү. Анан туруп эле биз балдарыбызды ушундай касиеттүү кыргызымдын наркнасили, көөнөрбөс булактары менен кошо тилин унуткарууга неге маш болдук?.. Колдон келсе азыр баланын тили жаңы чыга баштаганда эле кыргыз тилин үйрөтүп калууга тырышуу зарыл. Илим менен техниканын өнүккөн заманында жашап жатпайбызбы деп эле балдарыбызды улуттук мурастардан куру жалак калтыруу түркөйлүк. Балдарыбызды чет өлкөгө окууга же иштеп келүүгө жөнөтөбүзбү, ааламдын чоң агымына жайдак аттай кошуп жиберсек анан биз эмес ата-бабабыз угупкөрбөгөн, бизге өөн, такыр эле жат маданият менен үрп-адатын токунуп кирип келсе, ошондо кылычыбызды “ташка” чаап калбагай элек. Ансыз деле улууну улуу дебей, ооздукталбаган аттай болгон башкача муун өсүп келе жатат деп наалый беребиз. Буларды өз колубуз менен уядан учуруп жатып, кайра өзүбүздүн таң калганыбызга жол болсун... Андан көрө жер шарынын аркы бурчуна алып барып салса да улутубуздун жүзү боло турган чыгаан инсандарды тарбиялап чыгууну көңүл борборуна коюуну көздөсөк. Айрыкча энелер үчүн эл уулу болчу эр-азаматтар менен кыйын кыздарды тарбиялоо жоопкерчиликтүү вазийпаны аткаруу сыймык жана атуулдук милдет болушу керек! Анткени, жаңы төрөлгөн ымыркайда кайсы тилде сүйлөп, кандай маданиятты канына сиңирүүгө тандоо болбойт. Анткени, жарык дүйнөгө келген баланын кайсы тилде сүйлөөрүн эне чечет. Алгачкы бешик ыры менен түндүн сыйкырын арттырган эненин жомогу өз тилинде болсо, ошол тил баланын көкүрөгүнө кыттай уюп, пайдубал болуп бекемделери айдан ачык.

Гүлзина МЫЙЗАНБЕКОВА,
КР Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү,
“Жан шерик” ыр жыйнагынын автору

1-тиркеме

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА ЖАНА ӨНӨР ЖАЙ МИНИСТРЛИГИ

2022-жылдын 1-январынан тартып айрым акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтер төмөндөгү тиркемеде келтирилген өлчөмдөргө ылайык белгиленет.

АЙРЫМ АКЫРКЫ КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨР ҮЧҮН ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫНА ТАРИФТЕР

(салыктарды эсепке албаганда)

№	Керектөөчүлөрдүн тобу	Ченөө бирдиги	2022-жылдын 1-январынан тартып
1	Айына 700 кВт/сааттан чейин керектөөдө "Үй-бүлөгө көмөк" багыты боюнча мамлекеттик жөлөкпул алышкан калк	тыйын/кВтс	50,0
2	Айына 700 кВт/сааттан көп керектөөдө "Үй-бүлөгө көмөк" багыты боюнча мамлекеттик жөлөкпул алышкан калк	тыйын/кВтс	216,0
3	Бюджеттик керектөөчүлөр	тыйын/кВтс	340,0

Эскертүү:
Кийинки жылдардагы электр энергиясынын тарифтери өткөн жылдагы инфляциянын деңгээлине ылайыкталган өткөн жылдын тарифинен түзүлөт.

Приложение 1

МИНИСТЕРСТВО ЭНЕРГЕТИКИ И ПРОМЫШЛЕННОСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

информирует, что с 1 января 2022 года тарифы на электрическую энергию для некоторых конечных потребителей будут установлены согласно размерам, приведенным в нижеследующем приложении.

ТАРИФЫ НА ЭЛЕКТРОЭНЕРГИЮ ДЛЯ НЕКОТОРЫХ КОНЕЧНЫХ ПОТРЕБИТЕЛЕЙ

(без учета налогов)

№	Группы потребителей	Ед. изм.	с 1 января 2022 г.
1	Население, получающее государственное пособие по направлению «Уй-булого комок», при потреблении до 700 кВт.ч в месяц	тыйын/кВт.ч	50,0
2	Население, получающее государственное пособие по направлению «Уй-булого комок», при потреблении свыше 700 кВт.ч в месяц	тыйын/кВт.ч	216,0
3	Бюджетные потребители	тыйын/кВтч	340,0

Примечание:
Тарифы на электрическую энергию в последующие годы складываются из тарифа за предыдущий год скорректированного на уровень инфляции за предыдущий год.

С-604

СУЩЕСТВЕННЫЙ ФАКТ:

ОАО «СЕВЕРЭЛЕКТРО»

УВЕДОМЛЯЕТ,
*что **22 ноября 2021 года** решением Совета директоров ОАО «Северэлектро» прекращены полномочия Генерального директора **Кожомкулова Азамата Туломушовича**, **23 ноября 2021 года** решением Совета директоров ОАО «Северэлектро» Генеральным директором ОАО «Северэлектро» назначен **Осмонов Нурдин Кубатович.***

С-719

Макеев Болотбек Картанбаевичке тиешелүү мам. акт №0031324 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-925

АГЕНТСТВО РАЗВИТИЯ И ИНВЕСТИРОВАНИЯ СООБЩЕСТВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (АРИС)

Проект устойчивого развития сельского водоснабжения и санитарии (доп. фин.) (МАР)

ОБЪЯВЛЯЕТ КОНКУРС НА ВАКАНТНЫЕ ПОЗИЦИИ:

Консультант по независимой верификации санитарных объектов домохозяйств пилотных подпроектов Ошской, Иссык-Кульской и Чуйской областей (3 позиции)

Минимальные требования, предъявляемые к кандидатам, можете узнать на нижеуказанном сайте АРИС.

Заинтересованные кандидаты должны зарегистрироваться/авторизоваться в качестве Кандидата на вакансию (резюме на русском и английском языках, с указанием контактного телефона и электронной почты), на сайте АРИС и подать заявку на участие в данном отборе до **17.30 часов 14 декабря 2021 г.**

Агентство развития и инвестирования сообществ Кыргызской Республики
720040, г. Бишкек, ул. Боконбаева, 102, кабинет №11
тел.: + 996 (312) 62-07-52, 30-18-05,
факс: + 996 (312) 62-47-48,
e-mail: zakupki@aris.kg

С/О-328

«АК-ЖОЛ» ТККАК»

КАБАРЛАЙТ:

2021-жылдын 26-ноябрында Бишкек шаары, Васильевск шоссе, 1 дарегинде акционерлердин жылдык кезексиз чакырылган жалпы чогулушу болуп өттү. 10 акционер 318 863 добуш менен катышты. Кворум - 88,37%, өткөрүүнүн формасы ачык.

ЧОГУЛУШТУН ТОКТОМУ:

1. Мегер В.А., Карымшаков Т.Ж., Жолдошбек уулу Азамат, эсептөө комиссиясынын курамына бекитилсин. Макул 100%.
2. "Бекадо Аудит" ЖЧКсы аудитордук компаниясынын аудитору жана аудитордук кызматка акы төлөө өлчөмү "Ак-Жол" ТККАКнын" Директорлор кеңеши тарабынан сунушталган өлчөмдө бекитилсин.

«ОТКАО «АК-ЖОЛ»

СООБЩАЕТ:

26 ноября 2021 года состоялось внеочередное общее собрание акционеров по адресу: г.Бишкек, Васильевское шоссе, 1. Присутствовало 10 акционеров с количеством голосов 318 863, кворум 88,37%, форма проведения очная.

ПОСТАНОВЛЕНИЕ СОБРАНИЯ:

1. Утвердить счетную комиссию в составе: Мегер В.А., Карымшаков Т.Ж., Жолдошбек уулу Азамат. За 100%.
2. Утвердить аудитором общества аудиторскую компанию ОсОО «Бекадо Аудит» и оплату услуг аудитора в размере, предложенном Советом директоров «ОТКАО «АК-Жол». За 100%.

Н-922

«Оптима Банк» ачык акционердик коому

«Оптима Банк» ачык акционердик коомунун Директорлор кеңешинин 2021-жылдын 30-ноябрындагы №12 протоколуна ылайык, "Оптима Банк" ААКнын Директорлор кеңешинин жеке добуш берүүсүнүн жыйынтыгы боюнча төмөндөгүдөй чечим кабыл алынгандыгы жөнүндө маалымдайт:

1. "Оптима Банк" ААКнын башкармалыгынын мүчөсү Исматов Гарып Муратович 2021-жылдын 30-ноябрынан тартып өз каалоосу менен ээлеген кызматынан бошотуу жөнүндөгү берген арызына ылайык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулсун.
2. 2021-жылдын 1-декабрынан баштап "Оптима Банк" ААК башкармалыгынын мүчөсү болуп Измуханов Адал 3 (үч) жылдык мөөнөткө шайлансын.

Настоящим открытое акционерное общество «Оптима Банк»

сообщает о том, что в соответствии с протоколом Совета директоров №12 от 30 ноября 2021 года по итогам очного голосования Совет директоров ОАО «Оптика Банк» РЕШИЛ:

1. Досрочно прекратить полномочия Члена Правления ОАО «Оптима Банк» Исматова Гарыпа Муратовича с 30 ноября 2021 года согласно поданному заявлению об увольнении по собственному желанию.
2. Избрать Измуханова Адала членом Правления ОАО «Оптима Банк» с 1 декабря 2021 года сроком на 3 (три) года.

Өзгөн райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмү

Өзгөн райондук соту тарабынан 17.12.2020-жылы берилген ГД4067/1907 сандуу аткаруу барактын негизинде карызкор Касымалиева Ирсалатка таандык Өзгөн районунун Алтын-Булак айыл өкмөтүнүн Алтын-Булак айылынын Б.Байзакова көчөсүндө жайгашкан №8 турак жайы жалпы пайдалануу аянты 81,12 кв.метр, жашоо аянты 50,40 кв. метр жер участкасы 2500 кв. метр болгон идентификациялык коду 5-06-19-1001-0094 сандуу турак жайы ачык соода-сатык (аукционго) коюлат.

Турак жайдын старттык наркы 1321500 (бир миллион үч жүз жыйырма бир миң беш жүз) сом.

Сатык Касымалиева Ирсалатка таандык Өзгөн районунун Алтын-Булак айыл өкмөтүнүн Алтын-Булак айылынын Б.Байзакова көчөсүндө жайгашкан №8 турак жайы жайгашкан үйдө **2022-жылдын 10-январь күнүн саат 11.00дө** өткөрүлөт.

Сатыкка катышуучулар мүлктүн баштапкы баасынан **5%** шерт пулду алдын ала сатык өткөрүлө турган күнгө бир күн калганга чейин төлөп катыша алат. Ачык соода-сатыкта жеңүүчү 7 (жети) күн ичинде алдын ала төлөнгөн шерт пулдун суммасын кошуу менен мүлктүн сатып алган наркын толугу менен төлөп берүүсү зарыл.

Соода-сатыкта жеңилген катышуучуларынын алдын ала төлөнгөн кепилдик суммалары соода-сатык аяктагандан кийин кайтарылып берилет.

Маалымат үчүн Өзгөн райондук САКБнын сот аткаруучусу К.Жапаркуловго кайрылсаңыздар болот.

Дареги: **Өзгөн шаары, Ленин көчөсү, Маданият үйүнүн имаратынын 2-кабаты САКБ.**

Байланыш үчүн телефондор: (0772) 78-00-09.

Э/с 1350422019351457 БИК, 135009 ИНН 10506194800605 өндүрүп алуучунун эсеби.

П/П-309

Департамент рыбного хозяйства Министерства сельского хозяйства Кыргызской Республики (организатор конкурса)

ОБЪЯВЛЯЕТ ОБ ИСКЛЮЧЕНИИ ОБЪЕКТА, пункта 8, Лот №9-1, опубликованного 19 ноября 2021 года за №136 (3315). В связи с чем, документы от юридических и физических лиц приниматся не будут.

№№ П\П	Лот	Наименование	Координаты	га
Для установки садков в водохранилищах р.Нарын				
8	9-1	Таш-Комурское водохранилища, участок Разан-Сай	41° 34¹ 23.24 072° 18¹ 13.55	5

С/О-329

Судебный исполнитель ПССИ Аламудунского района Чуйской области Абдрахманова К.Ш.

ОБЪЯВЛЯЕТ АУКЦИОН НА ЗАЛОЖЕННОЕ ДВИЖИМОЕ ИМУЩЕСТВО:

на автомашину марки Мерседес Бенц 210, гос. номером «S1158AN» 1991 года выпуска, белого цвета, принадлежащее Джелдыгараеву Бекнуру Тайыровичу на праве частной собственности на основании свидетельства Транспортного средства КР №1153870 от 24.09.2018 года - путем продажи с публичных торгов, установив её начальную (стартовую) цену в размере 100 000 сом.

Торги состоятся **30 декабря 2021 года в 10.00 часов** по адресу: **г.Бишкек, ул.Ахунбаева, 119а, каб. 10 ПССИ Аламудунского района.**

Установив его начальную(стартовую) продажную цену в размере 100 000 (сто тысячи) сомов.

В случае неявки торги будут проведены без Вашего участия. Вы в праве до проведения торгов погасить сумму задолженности 123 480. 86 сом и государственную пошлину в сумме 6 139, 23 сом уплаченную при подаче иска, зачислив в Чуйский филиал ОАО РСК Банк, центральное казначейство аккумулятивный счет: 4403011001001001, код 142389900 - лицевой счет подразделения службы судебных исполнителей Аламудунского района 4403012100000388, БИК **440001.**

Обращаться по тел.: (0312) 56-58-67, г.Бишкек, ул.Ахунбаева, 119а, каб. 10 ПССИ Аламудунского района Чуйской области.

С/О-333

Подразделение службы судебных исполнителей Аламудунского района

ОБЪЯВЛЯЕТ АУКЦИОН НА ЗАЛОЖЕННОЕ ДВИЖИМОЕ ИМУЩЕСТВО

- на автомашину марки «Subaru Impreza», гос. №08 KG376AEH. 2004 года выпуска, белого цвета, с номером кузова: GG2-055850 принадлежащую на право собственности Каналбекову Дастану Маратовичу, путем продажи с публичных торгов (аукцион), установив его начальную (стартовую) продажную цену в размере 257 232 (двести пятьдесят семь тысяч двести тридцать два) сомов.

Торги состоятся по месту нахождения ПССИ Аламудунского района **30 декабря 2021 года в 10.00 часов** по адресу: **г.Бишкек, улица Ахунбаева, 119 а.**

Для участия в торгах необходимо внести **5 (пять)%** от стартовой цены недвижимого имущества, на р/сч; Центральная казначейства БИК 440001, на лицевой счет ПССИ Аламудунского района **4403012100000388**, код **14238900**. Справки по телефонам: **(0312) 56-58-67,** (организатор торгов судебный исполнитель ПССИ Аламудунского района Талгарбеков М.Т.).

С/О-332

УГНС ПО АЛАМУДУНСКОМУ РАЙОНУ

сообщает хоз. субъекты принудительно ликвидируется через Аламудунский районный суд.

№	ФИО	Адрес	ОКПО
1	Филатов А.Н	с.Маевка ул.Набережная №61	28937547
2	Садыков А.К.	с.Лебединовка пр.Ленина №80	26514618
3	Алиев Б.К уулу	с.Восток ул. 60 лет Киргизии №4	29879504
4	Васильев С.А.	с.Таш-Добо ул. Школьная №18	24311549
5	Маматов М.Д.	с.Маевка ул.Арык №9	28939026
6	Назаркулов Т.Т.	с.Ниж.-Аларча ул.Адырская №69	28938819
7	Одринский М.В.	сЛебединовка ул. Октябрьская №16б, кв. 8.	30308095
8	Токтогулова А.О.	с.Пригородное ул.Маяковского №49	28954155
9	Николаенко С.С.	с.Маевка ул. Восточная №21	25838709
10	Созоев Н.А.	с.Лебединовка гор.энерг. №1 кв 7	29949653
11	Колосова Ю.М.	с.Ленинское ул. Набережная №71	30371047

С/О-330

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2022-жылга мезгилдүү расмий басылмаларын даярдоого жана басып чыгарууга кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча төмөнкү беш лоттон турган АЧЫК РЕСПУБЛИКАЛЫК СЫНАК ӨТКӨРӨТ:

- **1-лот. «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2021-жыл үчүн жылдык отчету» басылмасын эки китеп түрүндө калыпка салуу;**
- **2-лот. «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2021-жыл үчүн жылдык отчету» басылмасын эки китеп түрүндө басып чыгаруу;**
- **3-лот. «Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет», «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары» басылмаларын жана илимий иштерди калыпка салуу;**
- **4-лот. «Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми» басылмасын калыпка салуу;**
- **5-лот. «Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет», «Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми», Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары» басылмаларын басып чыгаруу.**

Сынак боюнча документтер **2021-жылдын 14-декабрында саат 17.00гө** чейин **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу сынак документтерин кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде берилет.

Катышуучулар үчүн сынакка чейинки конференция **2021-жылдын 8-декабрында саат 10.00дө** видеоконференция байланышы режиминде өтөт. Конференцияга катышуу маселеси боюнча суроолор менен техникалык координаторго кайрылуу зарыл.

Сынак боюнча сунуштар **2021-жылдын 17-декабрында саат 10.00гө** чейин **Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча кабыл алынат.

Белгиленген мөөнөттөн кечиктирилип берилген сунуштар кабыл алынбайт жана каралбайт.

Сынак боюнча сунуштар **2021-жылдын 17-декабрында саат 10.00дө** каралат.

Уюштуруу маселелери боюнча +**996 (312) 66-91-55** телефону же **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу техникалык координаторго кайрылсаңыздар болот.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин

РЕКТОРУН ШАЙЛООНУ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА УЮШТУРУУ КОМИТЕТИ БИЛДИРЕТ:

2021-жылдын 21-декабрында саат 9.00дө Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ректорун шайлоо боюнча Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин жалпы жамаатынын жыйыны өтөт.

Ректордун кызмат ордуна талапкерлерди каттоо жана документтерди кабыл алуу ушул кулактандыруу жарыяланган күндөн баштап, **2021-жылдын 9-декабрында саат 17.00гө** чейин жүргүзүлөт.

Талапкерлерди каттоо үчүн уюштуруу комитетине төмөнкү документтер берилет:

- *ЖОЖдун окуу жана түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ректордук кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө чечими;*
- *Ректордук кызматка талапкердин өзүнүн арызы (өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде катталган талапкерлер үчүн);*
- *Талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, туулган жылы, иштеген жери, эзелген кызматы жана жашаган жери көрсөтүлгөн биографиялык маалыматтар;*
- *Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына ылайык ректордук кызматка талапкерге коюлуучу талапты ырастаган тиешелүү документтер.*

Документтер ректорду шайлоо боюнча уюштуруу комитетине төмөнкү дарек боюнча тапшырылышы зарыл: **Жалал-Абад шаары, Ленин көчөсү, 25, Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун башкы имараты, II кабат, "Укуктук иштер" бөлүмүнүн башчысынын бөлмөсү.**

Байланыш телефону: (0773) 74-32-92, (0507) 00-73-63. С/О-327

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

«Ош ш., Курманжан датка к., 119 дареги боюнча жайгашкан Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Ош областтык башкармалыгынын административдик имаратын жаратылыш газы менен жеке жылытуучу жабдууну орнотуу аркылуу ички жылуулук менен камсыздоо системасын капиталдык ремонттон өткөрүү» объекти боюнча курулуш-монтаждоо иштерин сатып алуу боюнча АЧЫК РЕСПУБЛИКАЛЫК СЫНАК ӨТКӨРӨТ.

Сынак боюнча документтер **2022-жылдын 4-январында саат 17.00гө** чейин сынак документтерин кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу берилет.

Сынакка чейинки конференция **2021-жылдын 20-декабрында саат 15.00дө** видеоконференция байланышы режиминде өткөрүлөт. Конференцияга катышуу маселеси боюнча техникалык координаторго кайрылуу зарыл.

Сынак боюнча сунуштар **2022-жылдын 10-январында саат 15.00гө** чейин **Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча кабыл алынат.

Белгиленген убакыттан кийин тапшырылган сунуштар кабыл алынбайт жана каралбайт. Кароого Улуттук банктан кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде сынак документтерин алган катышуучулардын сунуштары кабыл алынат.

Сынак боюнча сунуштар **2022-жылдын 10-январында саат 15.00дө Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101** дареги боюнча каралат.

Уюштуруу маселелери боюнча +**996 (312) 66-91-52** телефон номери же **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу техникалык координаторго кайрылсаңыздар болот.

ОАО «БИШКЕКСУТ»

ПУБЛИКУЕТ РЕЗУЛЬТАТЫ РОЗЫГРЫША ПРИЗОВОГО ФОНДА СЕДЬМОЙ НЕДЕЛИ СТИМУЛИРУЮЩЕЙ ЛОТЕРЕИ «ВЕСЁЛЫЙ МОЛОЧНИК».

В розыгрыше принимали участие коды, зарегистрированные в период **12.11.2021 г.- 18.11.2021 г.** (седьмая неделя).

Дата и время проведения розыгрыша: **23.11.2021 г., 14.00 часов**.

Место проведения розыгрыша: **город Бишкек, проспект Чуй, 12а.** Онлайн-трансляция розыгрыша осуществлена на странице ОАО "Бишкексут" в Instagram по адресу: **https://www.instagram.com/bishkeksut/**

Информация о выигрышных кодах:

Набор продукции (20 штук): 704903557, 434187044, 605613304, 461871491, 622595453, 651596628, 526715153, 760749615, 588211071, 294966816, 882592619, 173715456, 903584460, 355227196, 655368158, 516034464, 528273931, 575041438, 276493998, 516796051.

Набор посуды Daily Cook Tefal (1 шт): 704671749

Миксер Moulinex (1 шт): 466000617

Блендер погружной Braun (1 шт): 339166130

Мультипекарь Redmond (1 шт): 573905035

Мультиварка Tefal (1 шт): 945856260

Денежный перевод в размере 50 000 сом (1 шт): 537640120

СООБЩЕНИЕ О СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ

ОАО «МЕЖДУНАРОДНЫЙ АЭРОПОРТ «МАНАС»

сообщает, что в объявлении в газете **№136 (3315) от 19 ноября 2021 года** о проведенном 17 ноября внеочередном общем собрании акционеров ОАО «МАМ» в решении по третьему вопросу повестки дня произошла техническая ошибка:

В состав Совета директоров ОАО «Международный аэропорт «Манас» избран **Джунушбаев Эльзар Аликович**.

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности №056676 от 22.02.2006 г. на имя Турдуманбетова Мирлана Жайлообековича считать недействительным. Н-919

В связи с утерей гос. акта Ч №169090 на имя Джанызаковой Кулбубу Шайымбетовны считать недействительным. Н-923

ОАО Акционерная корпорация "Кыргызайылкомок"

сообщает об изменении доли акционера, владеющего 5 и более процентов акций.

25 ноября 2021 года *Общество с ограниченной ответственностью «Агропромгрупп» (Местонахождение:* ***Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Садырбаева, 377, код ОКПО 30014465)*** *передало* ***19788*** *простых именных акций, что составляет* ***7,56%*** *от Уставного капитала (в денежном выражении по номинальной стоимости* ***54812,8 сом****). Доля после изменения составила – 0 акций.*

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

В связи с утерей государственного акта о праве бессрочного (без указания срока) пользования земельным участком за №006218 (от 19.09.2007 г.) выданный на ГП «НК «Кыргыз темир жолу» считать недействительным. С/О-326

В связи с утерей Дог. Мены №11835 (от 30.06.2015 г.) и гос. акта о праве частной собственности №40513 (от 26.09.2012 г.) на имя Федотова Александра Викторовича считать недействительными. Н-921

В связи с утерей свидетельства о праве частной собственности на земельный участок доли ЧА №495 (от 03.09.1998 г.) на имя Эгембердиева Мырзабека считать недействительным. Н-920

Өзгөн районунун Куршаб айыл өкмөтүнүн Кайнар айылынын тургуну Тавалдиев Калдарбекке таандык мамлекеттик акт Ч №404304, иден. код 5-06-11-1003-0132 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-243

Токтогул районунун Чолпон-Ата айылынын тургуну Джолдошов Аманканга тиешелүү 1992-жылы 12-августта берилген «Саз-Жийде» дыйкан чарбасынын үлүш күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-0096

Сулайманова Аманбу Артыкбековнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт серия Ч№0012385 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. Н-924

Эркин-Тоо
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети
Биздин реквизиттер: р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

Башкы редактор
АЛЕНОВ Бахпурбек Абдыкарович
Кабылдама 62-38-75
Башкы редактордун 1-орун басары КАРБОСОВА Жазгүл – 62-38-77
Башкы редактордун орун басары ДЫЙКАНОВА Жылдыз – 62-38-78

Коммерциялык директор
САТЫКУЛОВ Орункул – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87
Жооптуу катчы
КУЛАТАЕВА Бактыгүл - 62-38-71

Бөлүмдөр:
Саясат жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият бөлүмү – 62-38-71
Укук бөлүмү – 62-18-64
Веб-сайт – 62-18-64
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66
"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

Биздин дарегибиз:
Бишкек шаары, 720040, Абдумомунов көчөсү, 193.
erkintoo777@mail.ru
erkintoonews@gmail.com

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592
Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.
Индекси: 68451
"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйрутма №1174. Нускасы 4262
Басууга 29.11.2021-ж. саат 18.00дө берилди
Сатык келишим баада

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Кылым тарыхы кыл калемде

“АЛТЫН УЮТКУ” КАЛКТЫН УЮТКУСУ

Сүймөнкул Чокморов атындагы эл аралык сыйлыктын, Чыңгыз Айтматов атындагы мамлекеттик жаштар сыйлыгынын лауреаты, таланттуу сүрөтчү Асан Турсункулов берекеси төгүлгөн ушул күздө 60 жашка чыкты. Гапар Айтиев атындагы Кыргыз улуттук көркөм-сүрөт искусство музейинде сүрөтчүнүн маараке сине арналган “Алтын уютку” аттуу сүрөт көргөзмөсү болуп өттү. Көргөзмөгө сүрөтчүнүн “Манас ааламы”, “Кылым дастаны”, “Өлбөс баатырлардын жаркын элеси”, "Буюккан кайран жылдыздарым" аттуу бөлүмдөрдөн турган картиналары коюлган. Анын картиналарын көргөн адам элибиздин тарыхын көз алдыга келтирет. Залкар манасчылар Саякбай Каралаев, Сагынбай Орозбаков, Уркаш Мамбеталиев, мамлекеттик саясий ишмер, Кыргыз ССР Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Исхак Раззаков, 1937-жылдагы сталиндик кандуу репрессиянын курмандыктары болгон, кыргыздын кыраан уулдары Жусуп Абдырахманов, Баялы Исакеев, Төрөкул Айтматов,Касым Тыныстанов, Ишенаалы Арабаев, Абдыкерим Сыдыков, Абдыкадыр Орозбеков, улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов, киноактер Сүймөнкул Чокморовдордун элесин эле бабына келтире тартпастан, алардын ар биринин мүнөзүн, ой-кыялын, образын кылдат ачып бере алган.

Сүрөтчү Асан ТУРСУНКУЛОВ:

- 2012-жылы Тывада жүрүп, “Манас ааламы” деген картина тарттым. Манасты 5 метр кылып, четине кичинекей пирамиданы тартып койгон болчум. Аны көргөндөр “сиз эмне үчүн Пирамиданы кичинекей тарткансыз” деп айтышканда, “пирамиданы кыргыздар курган” деп жооп берген элем. Бирок, ошол учурда мага аны далилдегенге негиз жок болчу. Кийин 2017-жылы Хакасияга барганда көрдүм, чындап эле биринчи пирамиданы кыргыздар курган экен.

Бул көргөзмөгө жалпысынан 200гө жакын эмгегим коюлду. “Кудайдын мыйзамы” деген жаңыдан тартылган картинам да алгач ирет коюлуп олтурат. Анын философиялык маанисин чечмелеп айта турган болсом, бул ааламда бардык нерсе жаратканга баш иет. Күн дагы, Ай дагы өз убагында чыгып, батат. Бул дүйнөдө эки гана жан мыйзамды бузат. Ал адам менен шайтан. Мен бул картинамда ошол нерсени чагылдырганга аракет кылдым. Биринчи Кудай, экинчи мыйзам. Башка нерсе болбош керек. Биз биринчи Кудайды угуп, экинчи мыйзамды сыйласак бардык нерсе өз нугуна келмек. Көптөгөн адамдар буга чейин “Кылым дастаны” “Буюккан жылдыздарды” коюп берсеңиз деп кайрылып келишкен болчу. Мына эми ошолор үчүн да мыкты мүмкүнчүлүк жаралып олтурат. Бул көргөзмөлөрдүн ээси-белгилүү ишкер, меценант Аскар Салымбеков. Картиналардын баарын ошол киши сатып алган. Өзү атайын зал куруп, сактап келет. Мен ал кишиге терең ыраазычылык билдирем. Мен сүрөтчүмүн. Менин сүрөттөрүмдү музей, же бирөө сактап, карабаса, бул картиналардын баарын мен күнү бүгүнкүдөй сактай алмак эмесмин. Картиналарымды аздектеп караган адамдарга мен өзүм ийилип таазим этем. Ошол үчүн бүгүнкү көргөзмө менин 60 жылдык маарекеме, эгемендүүлүктүн 30 жылдыгына, “Дордой” ассоциациясынын уюшулганынын 30 жылдыгына жана көргөзмөнүн 20 жылдыгына арналды.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы Сүйүнбек КАСМАМБЕТОВ:

- Бүгүн кыргыз маданиятынын айдыңында чоң бир орчундуу окуя - таланттуу сүрөтчү Асан Турсункуловдун 60 жылдыгына арналган сүрөт көргөзмөсүнүн бет ачар аземи болуп жатат. Асан Турсункулов бүтүндөй бир романдын мазмунун бир картинасына батыра алган өзгөчө бир кыл калем чебери. Адамзат коому алгач пайда болгон кезинде эле өздөрүнүн жашоосун аскалардын бетине тартып чагылдырып кетишкен. Бул өтө бийик, ыйык өнөр. Бүгүнкү көргөзмөгө жаштардын көп келгендиги мени өзгөчө кубандырып жатат. Маданият салаасында Асакеме окшогон көптөгөн мыкты, таланттуу чыгармачыл инсандар бар. Алар эч качан сыйлыктын, наамдын артынан жүгүрбөйт. Мындай адамдарга эл өзү эле сыйлык берип коёт. Булар чыныгы эл сүрөтчүсү. Менимче мамлекет да Асакемдин бүгүнкү көргөзмөсүн көз жаздымда калтырбайт. Ага эмгегине жараша сыйлык берүү жагын сөзсүз эске алабыз.

Ишкер Аскар САЛЫМБЕКОВ:

- Асан мындан 21 жыл мурда мага келип, эгемендүүлүктүн он жылдыгына карата залкарлардын портретин тарттым эле деп, 50 портрет алып келди. Ал демөөрчү жок, портреттерди кандай да болсо сактап калыш керек, менин сактай турган жайым да жок деп айтып калды. Портреттердин арасында кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн адамдардан тартып, биздин эң мыкты акын-жазуучулар, кино ишмерлер, актёрлор, ырчылар бар экен. Мен карап көрүп, картиналардын баарын сатып алдым да, Нарында галерея ачып, аларды сактай турган атайын имарат салдым. Биз көчмө көргөзмөлөрдү да уюштуруп турабыз. Эми Бишкектен кийин Ош, Жалал-Абадга алып барып коёбуз. Мүмкүнчүлүк болсо андан ары Баткенге алып барууну да пландап жатабыз. Бул көргөзмө өзүнчө эле тарых. Окуучуларга, жаштарга көрсөтүп, элибиздин улуу адамдарын таанытып, аларды мекенди, эмгекти сүйүүгө тарбиялашыбыз керек. Тартылган портреттерге акындар атайын ыр арнап жазып, обончулар обон чыгарып ырдап жүрөт. Мындай триптихти Асандан башка эч ким жасай элек. Биз бүгүнкү көргөзмөгө коюлуп жаткан кыргыздын залкар адамдарын эч качан унутпай, аларды ар дайым даңазалап турушубуз керек. Булар кыргыздын эле цивилизациясына эмес, дүйнөлүк цивилизациянын өнүгүшүнө зор салым кошкон инсандар.

Тарыхчы Кыяс МОЛДОКАСЫМОВ:

- Асан Турсункулов жүрөгүндө жалы бар, көкүрөгүндө духу бар сүрөтчү. Асандын Манастын бейнесин, духун чагылдырган сүрөттөрү Кыргызстандагы министрликтердин, мамлекеттик ишканалардын имараттарына көрк берип турат. Асакенин тарыхый сүрөттөрүн бир көргөнүндө эле дароо жүрөгүнө орноп калат. Ал кыргыздардын изин иликтеп Алтайга, Хакасияга барды, анын кыдырбаган жери калган жок. Ошондой эле кыргыздын эң мыкты инсандарынын сүрөттөрүн тартып келатат. Асандын бүгүнкү “Алтын уютку” деп аталган көргөзмөсү өзүнчө эле бир чыгармачылык уютку болуп калды. Ар бир кыргыздын жүрөгүндө кала турган, көркөм уютку болду.

Кыргыз эл сүрөтчүсү Таалай УСУБАЛИЕВ:

- Асанды тээ өткөн кылымдын сексенинчи жылдарынан бери тааныйм. Училищада чогуу окуганбыз. Бул анын биринчи эле көргөзмөсү эмес, буга чейин бир топ көргөзмөлөрүн ачты. Бизде эле эмес, Россияда да көргөзмөлөрүн уюштурган. Анын өзгөчөлүгү кыргыздын тарыхын, Манасын, залкар адамдарынын портретин тартып, алардын элесин, образын жарата билгенинде. Мектептер, жогорку окуу жайлар окуучуларды, студенттерди атайын уюштуруп ушундай көргөзмөлөргө алып келсе абдан жакшы болмок. Рынок заманында кыл калем чеберлери жан багыш үчүн натюрморт, пейзаж тартканга ооп кетишти. Асанга окшоп чыныгы сүрөтчүлүк өнөргө баш отун байлагандар аз болуп баратат.

Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ